Аскаралы Абдылдаев

# КӨРҮНӨТ КӨҢҮЛСҮЗДӨЙ ЫРСЫЗ КҮНҮМ

БИШКЕК-2008

Аскаралы Абдылдаев

# Көрүнөт көңүлсүздөй ырсыз күнүм

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 25971

Бишкек 2008

УДК 821.51
ББК 84.Ки 7-5
А13

Абдылдаев А.
А 13 Көрүнөт көңүлсүздөй ырсыз күнүм: Ырлар жана поэмалар,-Б
__2008.-75 б
ISBN 978-9967-432-22-2

Акын бул ырлар жана поэмалар жыйнагында сүйүүгө, балдарга арналган жаңы ырларын жана поэмаларын тартуулайт. Аларда, автордун сүйүүгө болгон көз карашы, жеке турмуштук тажырыйбасы, чын ыкласы менен жана сезиминин али да болсо жаңылыгы менен жазылган.

А4702300200-08 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-432-22-2

@ Абдылдаев А.
2008

*Ушул чакан эмгегимди өмүрлүк жарым -*
*Садыкбек кызы Сабырканга, уул кыздарыма, неберелериме арнайм.*
*Неберелерим Октябрь менен Кадырга, менин эмгектеримди компьютерге жазып, жарыкка чыгарууга жасаган аракеттери үчүн айрыкча ыраазымын.*

Аскаралы Абдылдаев.



## Башкы сөз.

Аскаралы Абдылдаевичтин китебин окуп чыгаарым менен «Чу» дегенде эле айтаарым мындай болду: Аскаралынын жаны поэзиядан жай алат экен. Поэзия анын жан жыргалы сыяктанат. Атаңгөрү адегенде эле поэзияга, өзү айткандай «чындыкка» башын байлап койгондо тагдыр башка болот беле, ким билет. Мен ырларын окуп отуруп, чыныгы акындык касиетти туйдум. Аскаралы, өз мейкиндиги, өз окурмандары бар кадимки акын экен. Жаза бериңиз Асаке! Калганын турмуш өзү айтат. Барпыгүл деген поэманы окуп өзүмчө ыраазы болдум. Илимпоздор арасында : «Факт карыбайт, сезим карыйт»,- деген сөз бар. Мен Аскаралынын ырларын окуп отуруп: « Сезим карыбайт »,- деген ойго келдим. Адамдын жаратылышына үстүртөн караган айрым адамдар Аскаралынын ырларын окуп алып: «Кантип сексенден ашкан адам ушундай ырларды жазсын? »,- дешип, шектене жылмайышы мүмкүн. Мындай күлкү чеки окшойт. Чыныгы ыр жандуу адамдын жаратылышы бөтөнчө болот көрүнөт. Табигаттын сырын так,  катыра, азырынча эч ким билбейт.

Асаке! Акын кишинин жаны бир кайрык эмес,- миң кайрык. Чексиз кайрык… Сайрай бериңиз. Сайроо текке кетпейт. Сиз өзүңүзгө өзүңүз эстелик куруп жатасыз. Ал эстеликке, жүрөгү кумарлуу ар бир адам кайрылат. Ыракмат, сизге сезимтал замандашым.

Сейит Жетимишев,жазуучу,
Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген ишмер,
Академик Болот Юнусалиев атындагы
жана классик  акын Аалы Токомбаев
атындагы сыйлыктардын лауреаты.

## ***Биринчи бөлүм***

### *Сүйүү жөнүндө ырлар жана поемалар*

## Эртеңким кеч болот деп ашыгамын

Ой басып, олтурамын дүргүп каным,
Оодарсам деп лиранын алтын сабын,
Келтире албай эбине ыр алкагын,
Кээде кетет, жалынданып менин жаным.

Алтын сап, алыс качып, көздөн учуп,
Айламды адаштырат келбей ташып,
Түнкүсүн түштө көрүп, селт деп чочуп,
Түйшөлүп, тура калам көзүмдү ачып.

Кечиксем да келишип аны менен,
Келтирип тизсем деймин эби менен.
Жаздырат жаратканым жардам берип,
Жакшы сапты аябай, койбой ченем.

Көрүнөт көңүлсүздөй ырсыз күнүм,
Келемин мойнума артып ырдын жүгүн,
Эртеңким кеч болот деп ашыгамын,
Эртелеп бүтөйүн деп жазып бүгүн.

13.05.2008 ж.,
Атай айлы

## Сүйүү

Жашоо кызык тынбай жылып агымы,
Жай алдырбай, сүйү кыйнайт жанымы,
Самай берем, сагынычым күч алып,
Сол бетиңден өзүм өпчүү калыңы.

Кучактап бек, сылагансып чачыңды,
Кош алмаңа, жөлөгөнсүп башымды,
Келем ойлоп, бассам, турсам тынымсыз,
Кыйя карап, серпип койчу кашыңды.

Күлсөң жүзүң, күндөй болуп көрүнүп,
Кундуз чачың айдалыңа төгүлүп,
Күн өткөзүп, көрбөй калсам өзүңдү,
Калам оорул, санаам санга бөлүнүп.

Ой санаамдан, кетпей койдуң кармалып,
Ойлоп сени, илкий басам сандалып,

Жашоомдогу баардык ишти унуттум,
Жан дүйнөмдө жалгыз кана сен калып.

Сүйүүдөн жан жаралган, дүйнө бүткөн,
Сүйүүнүн баркын билет баалай күткөн,
Сүйүүдөн сенда, мен да жаралганбыз,
Сүйүүбүздү барктайлы бизге келген.

Сүйүнүн ысыгынан суугу жаман,
Сүйгөнүң сүйбөй калса коет танып,
Аз бекен, ак сүйүүдөн азап чеккен,
Антташкан ашыгынан көөнү калып

## Өзүң басчу жолго сал

Жакындоодон жазганамын өзүңдөн,
Жалын чачып, жанып турган көзүңдөн,
Айтайын деп ашыктыгым билгизип,
Айталбастан адашамын сөзүмдөн.

Сүрдөп кетем, сүйлөгөндөн жалтанып,
Сүйөмүн деп түз айталбай калтаарып,
Махабаттын машакаттуу көлүнүн,
Салып койдуң, тереңине алпарып.

Калыс сөздү сүйгөнүмдөн угалбай,
Калдым чүмкүп, көлдөн сүзүп чыгалбай,
Карбаластап турган кезим, карайлап,
Күчүм жетип, бир да жөөлүү сөз тапбай.

Сунам колду, суранамын тартып ал,
Суй жыгылып, чарчап бүттүм, кетип ал,
Багыт берип, басчу жолду көрсөтүп,
Багымды ачып, берекелүү жолго сал.

## Өткөндү эскерүү

Мен жүрөмүн, деним таза, саламат,
Мен сени ойлоп эстей берем дамамат,
Мейлиң мени койсоң койгун эстебей,
Менин сүйүүм сенде калды аманат.

Кезинде сен кетпей алыс жаныман,
Айрылганда тайгансыдым багымдан,
Мезгил өттү, бар жогуңду билгизбей,
Менден кеттиң, кабар албай алыман.

Ойдо калды, күбө болуп көргөн кез,
Ойдон кетпейт, ырахаттуу ошол кез,
Анык окшойт сүйүү ысык кезинде,
Андан кийин, суук болот деген сөз.

Эрте, кечпи, барабыз го ал жайга,
Эстен кетпей калат экен мындайда,
Эртеңкини эске тутпай койгонуң,
Эпкелбесе керек го дейм кудайга.

10.06.2008 ж.
Атай айлы.

## Издеп жүрөм

Тереңдиктен алтын кенин казгандай,
Терең көлдөн бермет издеп аткандай,
Туталанып издеп келе жатамын,
Тирүүлүктө издегеним табылбай.

Тирүүлүктө барбы жокпу ал деги,
Темселетип, ийлеп бүттү ал мени,
Мага келбей качып жүрсө махабат,
Анык бекен - жарыктыкка келгени?

«Бар болсо эгер качан келет мага», - деп,
Бассам, турсам, издеп жүрөм элеңдеп,
Келсе эгер, тартуу кылып берүүгө,
Кармап турам белегимди белендеп.

Алайын деп аны тосуп ардакдап,
Агер мага сунган болсо белегин,
Туура келсе жүрөгүнө жүрөгүм,
Турбайм аяп, алгының деп беремин.

## Сырдашсам дейм кезигип

Үйдө тынчтык, чымын учса сезилип,
Олтурамын, түпсүз ойго берилип.
Куса болгон кумарымды таратып,
Келсем деймин бүгүн сага кезигип.

Мендеги ойлор келип, кетип жок болуп,
Мезгил турбай бир орунга токтолуп,
Кезигүүнүн бир айласын табалбай,
Келе жатам, күйүп, жанып от болуп.

Бүт дүйнөмдү алды элесиң башкарып,
Бир жүрсөм да, сүйлөй албайм жазганып,

Жай табалбай калчу болдум корунуп,
Жалын чачкан көздөрүңдөн жалтанып.

Макул дечи сунушума, сындырбай,
Магниттей тартып алдың жылдырбай,
Жан дүйнөмө тынчтык бербей келатам,
Жок, бар деген бир ооз сөздү угалбай.

## Бир карачы мени жаркыным

Жаркыным, дайрасың сен, тынбай аккан,
Жайдаарысың деңиздей чалкып жаткан,
Сен үчүн азап тарткан жолоочумун,
Сени издеп, ак кайыкта калак каккан.

Ак куусуң, чалкып жаткан көлдө сүзгөн,
Алыстан сени көрүп көөнүм түшкөн,
Артыңдан издөө салып келе жатам,
Айрылып калбас үчүн үмүтүмдөн.

Ак жүзүң, асмандагы алтын жылдыз,
Айдыңын аңыз кылган анык Үр кыз,
Кыйналып, сага жетпей азап чегем,
Кыстоодо, жетишпеген бир кем турмуш.

Айтылбай алыстоодо сөз арасы,
Азап экен махабатың эң даанасы,
Жүзүңдү бир көрүүгө кумар болдум,
Жаркыным, мени карай бир карачы.

## Бакта жүрөм

Бакта жүрөм, жалгыз басып жайма жай,
Башка келет сансыз ойлор байма бай.
Башка түшкөн жалгыздыкты сезгенсип,
Бара жатат аста жылып көктөгү ай.

Көпкөк асман, жылдыз толуп жыбырап,
Көңүл кирдеп, көөнүм эмес кушубак,
Жандап баскан жакыным жок жанымда,
Жай сурачуу, көңүлдү ачып, сөз улап.

Жатты козгоп, көңүлүмдү эргитип,
Ошол жаздын жылуу жели сергитип,
Мени кыйнайт жүрөгүмдү сыздатып,
Махабаттын мерез күчү дегдетип.

Бир көрбөсөм, ал күнүмө ызамын,
Билбейм сага мынча неге кусамын,
Бактым болуп, жүрөгүбүз кошулуп,
Баарлашып толор бекен кучагым.

## Жолуксам дейм ашыгып

Жабык асман, жамгыр жаап дыбырап,
Жаздын жыты келген менен буркурап.
Бактар турат кыштагыдай бубак жок,
Бүчүр байлап, ачылалек бапырап.

Адыр, түздөр жашыл баркыт жамынбай,
Гүлзарлары гүлсүз турат ачылбай,
Бак ичинде ай жылдыздар жымыңдайт,
Бир көрүнүп, ойногонсуп жашынмай.

Мас болушуп махабаттын жытына,
Маектешип бир бирине жашына,
Аллеяда кыз жигиттер жүрүшөт,
Ар кимиси кийинишип татына.

Сыдырымдап, күн жылуу эмес ачылып,
Фонтандар жок, дайым турчу атылып,
Бак ичинен издеп жүрөм өзүңдү,
Бүгүн кечте, жолуксам деп ашыгып.

## Жалганбы мени сүйгөнүң?

Ай караңгы, түн мезгили, бир убак,
«Айткының!»,- деп кыстай бердиң сөз сурап,
Тамашалап күлүп койсом сөзүңө,
Таарындың да, чыга качтың чычалап.

Кеткениң соң тамашага арданып,
Калдым ойдо кыялыңа таңгалып,
Көпкө дере ойдо жаттым уктабай,
«Калп сүйүүгө жүрөмбү»,- деп алданып.

«Кантесиң?",- деп, канча бардым чыдабай,
Калдың таакыр, оң көз менен карабай,
Канча айтсам да кулак салбай сөзүмө,
Кете бердиң жооп айтууга жарабай.

Шылтоо таппай жүргөнсүңбү? Билбедим.
"Шылдыңдайт",- деп, тамашага таарындың,
Болбойт элең, азил сөзгө мынчалык,
Анык болсо, мени сенин сүйгөнүң.

## Күчүң жетсе кечиргин

Кетти бир топ, менден, сенден жаңылыш,
Кетти уланып, ортобузда таарыныч,
Койбойм айып өткөн ишке кенедей,
Кайра келсе мурункудай кубаныч.

Кектешпейли өткөн ишти бек кармап,
"А сен айттың, мен минттим»,- деп зыкымдап,
Убакытты уттурбайлы бекерге,
Убайлуу кез кирип келет жакындап.

Сенден кетсе көөнүмө албайм кечирдим,
Сен көрсөтчү зиректигин эсиңдин,
Менден кеткен каталарды унутуп,
Мен суранам, күчүң жетсе кечиргин.

Айыптаба асылды деп жабышып,
Алалычы ажырашпай табышып,
Арабызда болгон ишти чечели,
Абиирлердин чоң сотуна салышып.

## Кечир дагы

Эң негизи менден кетсе кечирчи,
Эркексинип балким ката кетирдим.
Аялзаттын айкелдүгүн көрсөтүп,
Айгиниле асылдыгын сезимдин.

Суз карайсың, кабак кашың бүркөлүп,
Сумсаясың ачык айтпай чүмкөлүп,
Сүйсөң дагы, сүйбөсөң да өзүң бил,
Жан экенбиз кете турган бир келип.

Таарынуунун болуш керек өз чеги,
Таарынтайын дебегенмин мен сени,
Тамашага тырчып кеттиң түшүнбөй,
Табышалы бер колуңду кел бери.

Мезгил жетти кечиришип алууга,
Мен макулмун ошол ишке барууга,
Мезгилдердин таманына тапталып,
Мурункулар унутулуп калууда.

## Ажырашуу керек болсо өзүң чеч

Сен, мен дешбей, сүйлөшкөндө сиз дешип,
Сылыктыкты калдык эми издешип,
Жолуксак деп турчуу элең суранып,
Жолукбайсың анда санда кездешип.

Эмне болду - кандай себеп ушуга?
Эч себеби келбей койду башыма,
Сен таарынып, мен таарынтып алгыдай,
Айттым беле акарат сөз атыңа?

Тилдедимби - көңүлүңө жеткире?
Тил тийбесе таарынасың эмнеге?
Кемчилдиги болуп жетпей окаттын,
Кейттиби, жетип сенин зээниңе?

Ачык айтчы азап тартып ыйлабай,
Авалкыдай калдың мени сыйлабай,
Ажырашуу керек болсо өзүң чеч,
Айыбы жок, жүрөктөрдү кыйнабай.

## Сүйүү калпбы?

Сүйүү калпбы - бир жылт этип жангандай?
Сени эстеп ойлой берем аргандай,
Кандай себеп болду экен биле албайм,
Кечеки эле ак сүйүүңдү тангандай.

Бассам бутум, сени көздөй жетелеп,
Баргым келет кечикпестен эртелеп,
Койдуң такыр алыстабай оюмдан,
Колтугумда олтургансып эркелеп.

Туруксузбу - бир келүүчү махабат?
Туура сүйлөө, анда жокбу - акыйкат?
Махабатта менден кеткен күнөөнү,
Мага билгиз, катып албай ачык айт.

Жаш экенбиз, кетсе эгер жаңылыш,
Жай сурашпай, кызганышуу, тарыныш,
Айкөл болуп, кечиришүү, кезикбей,
Арабыздан алыстайбы - кубаныч?

## Көздөр айтат

Көздөр айтат жек көрүүнү, сүйүүнү,
Көздөн болот, ойдогуну билүүнү.
Жалгыз кана тиктешүүдөн билинет,
Жакшы көрүү, жек көрүшүү, түңүлүү.

Көз карашың бузулуп, кыйгач карап,
Кийинкини ойлобой узун санап,
Карамaнча калдың сен, түз тиктебей,
Калдың окшойт, чын эле, менден жадап.

Жүдөттүң го, жүйөөгө албай, сөзүмдү,
Жүзүңдү үйрүп, түз тиктебей көзүмдү,
Жашомдогу таянычым болот деп,
Жан дүйнөмө медер тутсам өзүңдү.

## Өкүнүч

Өкүнүчтүү, өксүп калдык, жалаадан,
Өттү күндөр өзүң эңсеп самаган,
Ортобузга от ыргытып айрыды,
Ою башка, көралбаган бир адам.

Көөнүм кирдеп, кабак кашым ачылбай,
Калем калды, кагаз жатат жазылбай,
Өзөгүмдү өрттөп жатат тымызын,
Өзүңө айтчуу өтүнүччүм айтылбай.

Айтмак элем ушакчыны укпа деп,
Арабызды ачып кетти ушак кеп,
Өткөн ишке мезгил жетсе сен дагы,
Өкүнөөрсүң, аттиң ай деп менчилеп!

Жүрсөң болду бүркөбөстөн кабагыңды,
Жарык чачып жакшынакай жамалыңды,
Ашып, ташып турса экен ылайым,
Арзып барып, тапканыңдан талабыңды.

## Эстеп жүрөм

Сүйүүнүн шекер балын бирге татпай,
Сүйбөйм деп сезимиңди анактабай,
Өксүтүп жаштыгымдын бейпил күнүн,
Өкүнөм кеткениңе бир сөз айтпай.

Жай олтуруп сүйлөшө албай төгүлүп,
Жат болушуп калдык эки бөлүнүп,
Кетсең эми бакыт тапкын башкадан,
Койсоң болду анда санда көрүнүп.

Кош бол эми, айрылыштык түбөлүккө,
Карап кеттиң жашоодогу күндөлүккө,
Жаңы жерден баар алып бакыт таап,
Жетсең болду кут даарыган ийгилике.

Мен сени, көргүм келип, ойлой берем,
Менимче сүйүүң арсыз нерсе белем,
Мени сен, чансаң дагы көргүң келбей,
Мен сени, унута албай эстей берем.

## Аргасыздын амалы

Өзүңдү эстеп, жанып, күйүп бир апта,
Өкүнгөндөн күч келтирип шарапка,
Кеттим ичип, токтото албай өзүмдү,
Кантмек элем, жүрөк күйүп баратса.

Өкүнүчтөн чеге берип күнү түн,
Өксү кылбай тамекинин түтүнүн,
Бир күткөнүм ушул эле экөөнөн,
"Басабы", - деп махабаттын күйүтүн.

Ал экөөнүн тийбеген соң жардамы,
Андан бөлөк издеп кирдим арганы,
Ичкенди да, чеккенди да токтотуп,
"Издейин", -деп, жардам кылчу башканы.

"Акыл менен кармайын",- деп өзүмдү,
Акырындап жай алдырып көңүлдү,
Сенден сулуу, сенден эстүү жар сүйүп,
Мен ошентип унутайын өзүңдү.

## Кайрылаарсың кайрадан

«Атала»,- деп, ар ким айтса ушактап,
Арданып да койбоптурмун мен анда,
Бош экенмин, эми сезип байкадым,
Басып жүргөн, эмгек кылбай кыйшактап.

Эми өзүмө суроо берип карасам,
Эрким начар жан экенмин байкасам,
Эл көзүнө жүргөн окшойм чалынбай,
Эчким сезбес, калыс карап айтпасам.

Менден сенин эркиң күчтүү экенин,
Мен байкадым анык болду кетээриң,
Мени таштап кетсең эми эсен бол,
Минтериңди ойго албаган экенмин.

Бул эрдик го, кемчилдикти байкаган,
Болтурбайм деп өткөндөрдү айталган,
Байкап көрүп баардык ишим оңолсо,
Балким баалап кайрыларсың кайтадан.

## Аял заты

«Кырк чачы улуу»,- деп, айтат ата салты,
Кыздарды урматташат кыргыз калкы,
«Адамзаттын тукумун улашат»,- деп,
Авалтадан бийик болчу аял баркы.

Ал үчүн, кан төгүлүп, жан кыйылган,
Айгашкан эрлер чыгып топ жыйындан,
Аялдын ак сүйүүсүн алган кезде,
Ачуу тарап, кагылыш бүт тыйылган.

Жан бүткөндүн арзуу айтып сүйгөнү,
Жалаң гана аял болгон күйгөнү,
Аял болбой уланбаса тукуму,
Анда кимдер керек демек дүйнөнү?

Ал дүйнөнүн асыл жайы бейиште,
«Адам уулу жүрбөсүн»,- деп кейиште,
«Ачып көңүл, шаттуу ойноп жүрсүн»,- деп,
Алпарат дейт, Үрдүн кызын бейишке.

Өмүр бою кошо жүрсө пир болуп,
Бүлөө үчүн, балдар үчүн кам көрүп,
Жада калса ал жайда да бөлүнбөй,
Жүрсө кошо, өзүң менен бир болуп.

Билемин мен, бул чындыгы, акыйкаты,
Бирөө эле, бул дүйнөнүн асыл заты,
Адамдарга арзуу берип сагындырган,
Ал аял махабатын канышасы.

25.05.2008 ж.
Атай айлы.

## Күтпөйм эми

Бүгүн сузмун, бүркөө тартып кабагым,
Бүт нерсеге табым тартпай турамын,
Келемин деп, айтып коюп күттүрүп,
Келбей койдуң, өттү келчү убагың.

Айланамды кара булут баскандай,
Аяз күчөп, бороон болуп жаткандай,
Бүт бүлүндү сен деп жүргөн ойлорум,
Борошолоп кар бурганак чачкандай.

Асман ачык саныз жылдыз жаркырап,
Айдарым жел, өзөндө суу шаркырап,
Келбесиңе кандай себеп болду деп,
Келем ойдо, аккан суудан сыр сурап.

Күтпөйм эми, бүттүм сенден түңүлүп,
Күтпөйм эми, калдым катуу күйүнүп,
Жарабадың жай айтууга кезигип,
Жүрсөм дагы мен артыңдан жүгүрүп.

27.05.2008 ж.
Атай айлы

## Ойго салат турбаганы жаштыгым

Көтөрүлүп көңүлүмдүн толкуну,
Көңүл кушум көкөлөдү, толкуду,
Кыялымды кытыгылап тынчытпай,
Кыйын болду сени ойлобой олтуруу.

Сен мен жакка магниттей тартылып,
Сага арнаган алкоо жатты айтылып,
Оңду-солду, кайчылашып колдоруң,
Оролушуп, мойунума артылып.

Эпкелишип эриндер да бетме бет,
Эзилишип бир-бирине көп ирээт,
Бул мезгилде шекер менен суу болсок,
Балга айланып кетет белек ким билет?

Оролушуп мажүрүм тал чачтарың,
Ойлоп жаттым, кирпигимди каккадым,
Карегиме калган экен бүт түшүп,
Калтырбастан, элесиңди тартканым.

Караңгылык ачып жапкан капкагын,
Калдык сезбей таңдын кандай атканын,
Ошол күндөр ойго түшүп сагынтып,
Ойго салат, турбаганы жаштыгым.

## Арзуубуз болсун жашыруун

Гүлдү көрүп өсүп турган буралып,
Гүл көркүнө жүрдүм сырттан кубанып,
Гүлдүн жытын искейин деп өтүнүп,
Гүлдөн эмес, тентек желден суранып.

Аста сүйлөп, албайын деп чочутуп,
Алыс болуп айыптуудай бой тутуп,
Аккан желге собол берип өтүнүп,
«Атыр жытын алып кел»,- деп, бир буруп.

Гүлгө жетпей арзуум бүтүл түгөнүп,
Гүл лаласы калбаса экен төгүлүп,
Гүл соолуса, бүт лаласы күбүлсө,
Гүлү өмүрдүн өлүп калат түбөлүк.

Гүл дагы гүл, сен да гүлсүң ашыгым,
Гүл аталып арзуу калсын жашыруун,
Гүл деп сени, атабадым атыңды,
Гүл боюнча катып алам затыңды.

## Сендей таш боор кылып жасабаган

Кезиккенде сөздөр бүтпөй сырдашып,
Кепти сүйлөп, таттууларды ылгашып,
Кезегинде кетпей алыс жанымдан,
Келген элең кенен кесир муңдашып.

Берген сөздөр кала берди дайынсыз,
Булак сындуу акпай калган өзөндөн,
Бул мезгилде кеттиң менден алыстап,
Башты буруп, мурда айтылган сөзүңдөн.

Жүрөм эми карааныңа зар болуп,
Жалган сөзүң кармап алып энчилеп,
Жаратканга ыраазымын дайыма,
Жасабаган таш боор кылып сенчилеп

## Барпыгүл жөнүндө баян
### (поэма)

Сүйүү чексиз аккан жашоо булагы,
Сүйүшкөндө ылганбайт жаш курагы.
Он беште кыз кырктан өткөн баатырды,
Опсуз сүйүп, жанат сүйүү чырагы.

Сүйүү деген, укмуштуу бир керемет,
Сүйүшкөнгө байкоосуздан берилет,
Ар бир жанга акыр түбү жолугуп,
Ак сүйүүсү аңдоосуздан кезигет.

Бул окуя өтүптүр көп жыл мурун,
Болуптур өткөнүнө эки кылым.
Баатырды сүйүгөн кыздын атын атап,
Баяндап берсем деймин тапсам ыгын.

Бир баяндан дарегин угуп алып,
Барпыгүл жай бербеди тынчымы алып.
Тайманбай Тайлакка сөз айтканына,
Таңдандым акылына айран калып.

Ыманда Калматайдын жалгыз кызы,
Ырыскылуу жан экен уздун-узу.
Сырга жасап эркектин кылчуу ишин,
Сыртынан ашык болот далай киши.

Өтүптүр аралыктан эки кылым,
Өзөгүн билгендер жок, жалган чынын.
Уламалап укканымды элестетип,
Улап жатам, сүрөттөп кыздын сынын.

-2-

Жоругун жазган анда жомок кылып,
Жолго таштап айтылуу Үрдүн кызын.
Сөзгө чебер, жалтанбас эр мүнөздүү,
«Сымбаттуу кызы эле»- деп кыргызымдын.

Ачык күндөй жаркылдап кабак кашы,
Ашкан экен онбештен жаңы жашы,
Оролчу экен толорсукка койо берсе,
Олоңдой төбөсүнө түйгөн чачы.

Каракаш сурмалуу көз кара тору,
Как элес кыргый мүчө шыңга бойлуу.

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана

Кайтпаган максатынан бир мүнөздүү,
Кайраттуу бир кыз экен терең ойлуу.

Ат үстүнөн жаа тартып мылтык атып,
Алчуу экен, улакты эңип, бара жатып.
Жаа тартып мергенчилеп эркектердей,
Жатпаптыр ата үйүндө башын катып.

Аш берип Соңкөл жакка жалпы саяк,
Аш башкаруу милдетин Тайлак алат.
Ат чабуу, эңиш, күрөш ойну бүтүп,
Акырына жамбы атуу ойну калат.

Жамбы байлап башына бир шыргыйдын,
Жарчылар жарыялайт байге дайнын.
«Атып алсаң бир тай-туяк аласың»- деп,
Айтып турат жарчы ырдап, өткөн сайын.

-3-

Чогултуп аркай жактан келгендерди,
Жааңарды камда дейт мергендерди.
Кыркка жетип мергендердин жан эсеби,
Коюлат ар кимине өз кезеги.

«Кырк чачы улуу»,- дешип кыргыз калкы,
Кармашып карылардан калган салтты,
Кезекти беришкен соң жалпы мерген,
Керип жааны, эң оболу Барпы тартты.

Жеткенде жебе тийип жамбы боого,
Жарк деп үзүлүп түштү жолго.
Бир тай-туяк байгени берип жатып,
Бурат жүзүн Барпыдан сөз суроого.

Карындаш ким үйрөткөн жаа тартканды?
Кимден билдиң, машыгып жамбы атканды?
Жылмайып: "Жаңылдан", - деп, тике сүйлөп,
Жүрүп кетет, Тайлактан байгени алып.

Жамбыга көз салгандар карап бүтүн,
Жакын турган баамдап сөздүн күчүн,
«Баатырды баш көтөртпөй таштады»- деп,
Ушул кыз, тана элек оозунан эне сүтүн.

Тай-туякка сунганда манжаларын,
Тайлактын жүрөгүнө түшөт жалын.
Тай-туякты Барпыгүлгө сунуп жатып,
Талый түшөт, биле албай не кыларын.

-4-

Өрт койуп, жүрөгүнө кетти бийлеп,
Өкүнөт ал кеткен соң өзүн тилдеп.
«Кут болсун байгеңиз»- деп айтпадым да,
"Кур намыс кылдымбы?", - деп ичтен сүйлөп.

Барпыгүлдүн сулуулугу, тайманбасы,
Баарыдан мергендиги жамбы атышы,
Тайлактын көңүлүнө бүлүк салып,
Таптакыр эт жүрөгүн ээлеп алды.

Ошондон соң, аң уулап мергенчилеп,
Он жигитин ээрчитип Тайлак жүрөт,
Ар кимден сурамжылап кыздын жайын.
Акыры, кайтар күнүн Барпы билет.

Тажашып аң улоонун узагынан,
Тарашып келе жатат кызыгынан.
«Атам конок айтты эле»- деп, баатыр сизди,
Атайлап Барпы тозот каршы алдынан.

Жылжытып тору жоргону эр жигиттей,
Жылдырып сыпа сүйлөп аны беттей,
«Шыралга!»- деп баатырдан олжо сурап,
Шыңк этип, күлө сүйлөп, чыгат четей.

«Болсун»- деп, Тайлак да, айтып аны беттей,
Бир азырак тобунан чыгып четтей,
«Берели»- деп, кулжаны бүтүн бойдон,
«Бергиниң»- дейт, шырылгага бутун кеспей.

-5-

Бараткан жолдорунан кайра тартып,
Барып түшөт конокко, олжону артып.
Көрүп сый, Калматайдан, ымандардан,
Кетет анан, үч күнү коно жатып.

Көп өтпөй, андан кийин аралыктан,
Калматайга жуучу түшөт Тайлак жактан.
«Кызын берип, бала кылып алсын»- деген,
Келет кеп, жуучу аркылуу Тайлак айткан.

Калматай кабар берип шарыяттан,
Кошулат дейт каныбыз жети атадан.
Келбесе дин жолуна эгер каршы,
"Кызым сүйсө качпайм",- дейт, аталыктан.

Жуучудан иштин жайын сурап алып,
Жок дебеген кабарды кабыл алып,
«Ушул жылдын күзүндө күйөөлөйм»,- деп,
Узатат жуучу аркылуу берчүү малын.

Жаз өтүп, жай ортолоп калган кезде,
Жайлоодо, Тайлак айлы конуп түзгө,
Турганда чабаганчы кат жеткирет,
Тайлакка болгон ишти билгизгенге.

Коколоп, Кокон беги салык салып,
Кордоодо кыз келинди алымга алып,
«Жыйган малга малчы, кул кылабыз»,- деп,
Жигиттерди кармоодо, камакка алып.

-6-

Салыкка, беш жүз кой, жүз жылкы алды,
Сарбаздары кармап турат жыйып малды,
«Канга кызмат өтөөчү кыз экен»,- деп,
Кечээ күнү, Барпыны камап салды.

Алар чыгат Курткадан дүйшөмбүдө,
Алып кеткидей күзөттөп, айдап мүлдө.
Кабарды жөнөтүптүр Калматайлар,
Кабарсыз калбасын деп билдиргенге.

Андан соң чабаганчы койнун ачып,
Алып чыкты кагазды алган катып.
Катты Барпы жазыптыр бүт ыр менен,
Кайгы муңду кабарлап, ыйлап жатып.

Барпынын каты:

Жөнөдүк күң болуучу алыс жайга,
Жоо жеңген, эл баатыры Тайлак кайда?
Биз болсо, ордо кызы, ордо катын,
Жигиттер үйлөнүшсүн капчыгайга.

Эр чыкса, ажыратсын сулуу башын,
Ордодон бошотсо экең кары жашын,
Ошонун жары болом, ук калайык,
Күч күйөө күпүлдөгөн таарынбасын.

Туткунга түшкөндөрдө эмне айып?
Бак кетсе бакырайган баштан тайып,
Эр болсо элибизде кур-курчанган,
Куткарсын кулчулуктан жоону сайып.

Арылткан айымдарды зардан муңдан,
Атантай ордо жатат ага-тууган,
Айткыла арыстандарга араан ачып,
Далай жолу душмандардын жолун бууган.

«Мен»,- деди, ордо кызга барганымча,
Тирүүлөй теңдигимден калганымча,
Жүйөөгө келе койчу Барпы эмес,
Жүрөккө болот канжар саярым чын.

-7-

Окуп бүтүп купуя жазган катты,
Ойго алат: « Жазыптыр »,- деп, - акыйкатты.
Ой-тоодогу ыман, саяк, басыздарга,
Он жигитин, «Кабарла» - деп, элге узатты.

Дүйшөнбүдөн, дүйшөнбүгө жети күн,
Дүйшөмбү деп бүгүнкүнү эсептегин.
Эки күндө жетишсе элге кабар,
Эртеси, камынып, келип калаар.

Беш күндө келишсе эл, Макмал жакка,
Беребиз өз жазасын кокондукка.
Коконго жөнөтөбүз сарбаздарын,
Кесип башын, бегинин артып атка.

Кеткен соң чабармандар туш-туш жакка,
Кейийт экен Тайлак ойлонуп, болуп капа,
«Өздөн чыккан жат жаман» - деген тура,
Бизге өчөшүп Таштанбек, салды жапа.

Бирөө ыйласа кубаныг мооку канып,
Бирөөгө кырсык келсе рахат алып,
Көрүп туруп ушундай адамдарды,
Кейийм кээде адамдан көөнүм калып.

Жаратканга өзүмчө болом капа,
Жабыркайм, ойго түшүп, тартып жапа,
Жанбакты, кошоматчы, ичи арамды,
«Жаратпай койбойбу» - деп, Алла таала.

-8-

Болбогондо көрө албас ач көздүгү,
Баарысы жашамакчы байып сайрап.
Айынан ач көздүктүн көзү тойбой,
Атышат кырылышып шору кайнап.

Аларды багат эле, жер энеси,
Анткени топурактан бүт денеси.
Ач көздөнбөй тынч жашап эмгектенсе,
Аттиң ай! Коройт эле, эминеси?

Карышкыр да жэбейт экен бирин-бири,
Кабышып, тим болушат, келсе жини.
Көрүнө, көз алдыңда, кор тутканда,
Кантүү керек - адамдардын кайры дини?

Кокондук карышкырдан өтүп кетти,
Кажып кирди, какшатып бүт элетти,
Же өлүп, же өлтүрүп чечишпесек,
Жанга батып, кордугу мүңкүрөттү.

Деп ойлоп, Тайлак баатыр ойго батты,
Дембе-дем күн эсеби өтүп жатты,
Кеткенине чакырууга чабаганчы,
Күн дагы, беш күн чыгып, кайра батты.

Кабар алып ой-тоодогу басыз, чоро,
Келишти айткан күнгө жата коно.
Тайлактын талабындай бөлүнүшүп,
Турушту: «Келишсин»- деп, жолду тозо.

-9-

Кокондуктар, туткундарды айдап алып,
Күңдөрдү атка таңып, байлап салып,
Келатышты кан жол менен кербен тартып,
Карактаган малдарын да айдап алып.

Алды-артында имерип үч жүз сарбаз,
Алдында беги келет алагүү мас.
«Жекеге!»- деп, кыйкырып Тайлак чыгып,
Жолунан даяр болду ага бир кас.

Туш-туштан: «Тайлак!»,- деген чакырыктан,
Таанылды ким экени тозуп жаткан.
Кекейтип аргымагын, найза камдап,
Камынды качырууга ал бери жактан.

Көтөрөөрдө найзасын Кокон беги,
Кетти ыргып, талп этип, түшүп аттан.
Кан агып далысынын этегинен,
Калды тынып, жайын таап кыяматтан.

Кыйкырып Тайлак дешип кыргыз колу,
Канга оронуп Кокондун жатты чоңу,
Качышып сарбаздары баш-аламан,
Колго түшүп, көбү өлүп, катты шору.

Кыз туткундап, жорго жыйган сарбаздарды,
Катар тизип, бир тобун байлап салды,
Кеңешип Тайлак элдик кол менен,
Кетирүүгө, өлтүрбөй, чечим кылды.

-10-

Аттарын сарбаздардын жыгып алып,
Айдады баарысын жолго салып.
Бир сарбазга: « Алып бар»,- деп, Мадалыга,
Бегинин берди башын кесип алып.

Каныңа айт, катылбасын кыргыздарга,
Кармашка биз даярбыз келсе кайра.
Кыргыздар кырылышта өлсө - өлөт,
Кылычтан көргөн эмес - качып артка.

Күтөбүз, эки жума, келсин колу,
Келбесе бүт буулат Куртка жолу,
Чебин бузуп талкалайт, калбайт баары,
Чыкты сыртка, элдердин, келип заары.

Жетишип кеткендери жөө жалаңдап,
Жеткен соң канга айтуучу сөзүн камдап,
Кан алдында коркуп калган сарбаздары,
Көрсөтүшөт бектин башын араң жаңдап.

«Тайлак», - деп, так айта албай уруш жайын,
Тантырап айта баштайт кеткен шайын,
«Ордон чыгып, чепти бузуп, кыйратты»,- деп,
Орго алпарып салган элек Атантайын.

Аңгыча Таштанбек да келип калат,
Ал Тайлактан Мадалыны жакын санап.
Мадалыдан көрө албай жакшылыкты,
«Чыккынчы»,- деп, дарга асылып жазаланат.

11-

Кектешип Мадалы хан кыргыз менен,
Камынтат бир баатырын, Арап деген,
«Жай алды, барасың!», -дейт, чаап келүүгө,
«Жакшылап камынгын!» -дейт, кышы менен.

«Кармап кел»,- дейт, Тайлакты байлап салып,
«Кармашса жайлайсың»,- дейт, башын алып.
Жай алды жөнөтүптүр аскер берип,
Жазы аркылу Арапты жолго салып.

Билген эл, ал келерин Жазыны ашып,
Билгизбей көчүп кетет, андан качып.
Келатканын кабарлап Жазылыктар,
Кабарлашат Тайлакка тездеп-шашып.

Араптын келер күнүн билип алып,
Ар айылга билгизет кабар салып.
«Кармашты баштайбыз»,- деп, Бычан жактан,
Капысынан Көк-кыядан тозуп алып.

Бычандын Көк-кыясы өңүттүү жер,
Бөлүнөт ар коктуга бир канча эр.
Бир күн мурун Араптан келишет да,
Билинбей бугуп турат бул берендер.

Тайлак айтып согуштун тактикасын,
Даярлайт алдын ала камылгасын.
Арапка: «Жекеге!»- деп, мен чыкканда,
Ай-кайлап, ок чыгарып, чуу саласың.

-12-

Деп айтып жоокерлерди бешке бөлүп,
Даана жерден күтөт экен өзү өңүп.
Акбоз аттуу, Арапты: «Жекеге!»-деп,
Алып чыгат кошундан жалгыз бөлүп.

Арап да баатыр экен күчү пилдей,
Ал да чыгат бөлүнүп, коркуу билбей,
Найзасын кагып ийип Тайлак батыр,
Нак тизеге чокмор согот көз ирметпей.

Ойт берип арт жагына кайрылганда,
Оң бутунан кан агат келе атканда.
Араптын алы тайый түшкөн экен,
Акыры, оң тизеси жарылганда.

Ошол кезде эки жак тең кыйкырышып,
Оң, сол жактан киришет кылычташып.
Ар колоттон Тайлак деген ураан менен,
Аркалыктар капташат ураалашып.

Аны көрүп Арап да шашып калат,
Аңгыча сарбаздары качып калат.
«Оң келди!»,- деп, колуна айбалта алып,
Оңдурбай Тайлак батыр башка чабат.

Одарылып зор дене жерге кулап,
Окуранып акбоз ат тура калат.
«Качкан жоону катын саят»,- деген элим,
«Куубагыла!»- деп, Тайлак жарлык кылат.

-13-

Өлгөндөн калгандары кетет качып,
Өрүүлөп Бычан башы, Жазыны ашып.
Жарадар, колго түшкөн өлгөндөрүн,
Жалпы эл, чогултушат бирден ташып.

Жүздөй ат, бир канча төө азык түлүк,
Жал куйругу төгүлгөн акбоз күлүк,
Артылган курал жарак ок дарыны,
Алдырат топтоштуруп Тайлак жүрүп.

Курал жарак, ок дарыны олжого албай,
Калган мүлктү бөлүшөт калыс кармай.
Кайсы уруктан көп өлсө кагылышта,
Көбүрөөгүн олжонун аларга арнайт.

Тайлак оюн жалпыга жарыя айтып,
Тобуна кетет экен кайра кайтып.
Өлгөнүн, олжолорун төөгө артып,
Өңчөй эл, кетет экен кийин кайтып.

«Кокондуктун өлгөнүн көмөлүк»- деп,
Колго түшкөн сарбазга көр каздырып,
«Жарадарды соолор алып кетет»- деп,
Жөнөтүптүр бүткөн соң жолго салып.

Кул, күңгө бараткaнды бүт бошотуп,
«Кеткиле!»- деп, олжо берет сыйга кошуп,
«Каада менен алам»- деп, Барпыгүлдү,
Калкына кетириптир келин кошуп.

-14-

Барпыгүлдүн андан ары чыкпайт дайны,
Барганбы? Барбаганбы? - ага кайын,
Каргашалуу иш болуп, Тайлакка каза жетип,
Калганбы, баатыр эрдин болбой зайыбы?

Качанкы өткөндөрдөн кабар уклай,
Калды далай сулуунун дайны чыкпай.
Баянын Барпыгүлдүн укканым соң,
Баяндап жазып койдум бир аз учкай.

Сен сүйүп, сени сүйсө андай чүрөк,
Сүйүшкөнгө кандай бакыт ошол мүнөт.
Самашып сагынганда кошулушса,
Сүйүүнү даңазалайт эки жүрөк.

Кыргызда сулуу кыздар сандап жүрөт,
Чанда чыгат бөлүнүп андай чүрөк.
«Чыгар»,- деп, Барпыгүлдүн, өнөр даңкын,
Чыдатпады ак сүйүүсү мени сүрөп.

Сүйсөң сүй, Барпыгүлдөй бarктай бил,
Сүйүүсүн даңтап өтсүн сүйүшкөн дил.
Өткөнгө өкүнүшүп кайгырбасын,
Өтсө мезгил, өкүнтөт соолуган гүл.

Окуучум сага сунам, болсун белек,
Окуп чык, эгер болсо көөнүң зирек.
Ажап эмес ак сүйүүйгө үмүттөнсөң,
Аткарылат жарым ой, жакшы тилек.

10 -май, 2008 ж.
Атай айлы.

## Махабат баяны
(поэма)

Ай жылышып жылга барып кошулуп,
А өмүрлөр бүтөт шонтип олтуруп.
Жалгыз кана махабаттын күчүнөн,
Жашоо келет жарыктыка кол сунуп.

Күн да батат, айга берип кезегин,
Календарга калтырып өз эсебин.
Калбайт экен өмүр дагы өзгөрбөй,
Көрдүк мына тура бербес экенин.

Бул дүнүйө ылгайт экен кара-акты,
Баарына бирдей бербей, келчүү бакты,
Турган менен жанын үрөп жетүүгө,
Тең болуп кармай албайт махабатты.

Сүйүү өзү болуу керек жашыруун,
Сүйгөнүңдү билбеш керек ашыгың,

Сый мамиле, көз караштан байкасаң,
Сенин ага байланганы башыңын.

Сагынуу, кусалануу, кумар канбай,
Саргаруу, көңүл түзөп жетише албай.
Бактылуу күндөр келет кээ убакта,
Баш кошуп өмүрлүкө жашап калмай.

Сүйүүнүн балын татып көңүл эргип,
Сүйүүнүн кумарынан көңүл сергип.
Мас болчуу махабаттын шарабына,
Мезгилге, жетише алсаң, кылып эрдик.

-2-

Кейисең махабаттан көңүл калып,
Кайрылба эчбир жанга арыз айтып.
Айтылган сөз, атылган ок, авалтадан,
Айланып келген эмес артка кайтып.

Сездирбей эчбир жанга азабыңды,
Сезимтал ичтен кайры казалыңды.
Сен айтпа, сезсин өзү көөнү болсо,
Сен ал үчүн азапта калганыңды.

Өрттөнүп жүргөнүңдө күйүп жанып,
Өзүңө кайрылбаса көөнүнө алып,
Махабатын отуна сууну сепсе,
Мээриминен сүйүүнүн алыс калып.

Анда ага сүйүүнүн болбойт баркы,
Андайды сүйсөң болот, кандай арты?
Эсиңди эки кылып эзип өтөт,
Эритпей музга айланган махабатты.

Мен жолуктум, бирге боло баштадым,
Мен оюмду билгизүүгө шашпадым,
Сыпаа сүйүп, сырды катып ичиме,
Сылап коюп, самсаалаган чачтарын.

Жатты сүйлөп, тили ачылып, элирип,
Жан дүйнөсү калган белеем эригип,
Жакты мага жан жыргаткан сөздөрү,
Жаттым угуп, жаным менен берилип.

-3-

Талдадым, айткандары, эмес бекер,
Тамшантты, таттуулугу экен шекер.

Бул түндө бирге болуп сырдашласам,
Бул өмүр арман менен өтмөк бекер.

Менин оюм мындай эле дегдеген,
Сүйгөнүмдөн, укпасам дейм жок деген.
Жаттым тилеп жараткандан ичимде,
Айтса экен деп- «Жаным бирге сиз менен!».

Айтпай койду, андай сөздү чыгарып,
Андай кымбат, сөз кетпеди уланып,
Ойдогусун ачык айтпай алдыга,
Ойт бермесин жасап койду кууланып.

Жолочумун барар жерим белгисиз,
Жолго чыккан дареги жок мезгилсиз.
Махабаттын ырахаттуу жолунда,
Маймыл кылып ойноттуңуз мени сиз.

Кайдан чыктым, кайсы жерден баштадым,
Келем билбей кайсы жерге таштаарын.
Азап тартып, арып, ачып келетам,
Агарууда аппак болуп чачтарым.

Көрүүгө көңул дегдеп сага барсам,
Көңүл болуп көз кырыңды мага салсаң,
Кайыл элем ал үчүн баарысына,
Кыш чилдеде кылтырап сыртта калсам.

-4-

Оо махабат! Неге мынча ээсиң?
Оюңча ийлеп тамашалап келесиң.
Авал сунуп бирууртатчы татайын,
Ак сүйүүнүн шербет куйган кесесин.

Мейлиң кыйна, мейлиң какта жалынга,
Мени сүйгөн бирге болсун жанымда!
Келе жатам канааттанбай дагы эле,
Кетсин муңум, көрсөтүп кой ырымга.

Калат экен жугуп алып жошодой,
Кээ бирөөдэн куса кетпей бошобой,
Кантсе дагы жакпай атам мен сага,
Каеримден башкаларга окшобой?

Өңүм сертпи? Боюм кодо эмеспи?
Өзүң айтып, өзүң берчи кеңешти?
Махабатым, аңык сүйүү көрүнсө,
«Мынакей!»- деп, көрсөтүп кой элести.

Аны менен чанда жатсам буйдалып,
Азап чекпей калаар элем кубанып.
Кандай гана болор элем бактылуу!
Каткан муңду көңүлүмдөн чыгарып.

Махабаттын тырмагына урунуп,
Мындан кайра, калсам чыкпай суурулуп,
Калаар элем, капа болбой, кубанып,
Калсам дагы, камыр болуп жуурулуп.

-5-

Кейигенде ички дартың козголуп,
Келет арак кыйышпаган дос болуп,
Сезсең - сездиң ошо кезде өзүңдү,
Сезбей калсаң баратканың жок болуп

Көз жумулбай, кирпик турса ирмелип,
Кезек мага махабатым бир келип.
Алыстасаң андан кийин издейин,
Арт жагыңдан Мажнун болуп сенделип.

Сен жок болсоң дүйнө кылча кемибейт,
Сен тоңдурган жүрөк музу эрибейт,
Сен муздатып суугуңа тоңдурсаң,
Сендей бирөө, жылытуунун камын жейт.

Ал да күйөт, ал да тартат азапты,
Андайлардын бир нечесин узатты.
Бири кетсе, бири келип артынан,
Бирөө кейип, бирөө көрдү ызатты.

Кеткендери кейиш тартса муңайып,
Кете элеги бара жатат улгайып.
Тагдырынан көргөнсүдү ар кими,
Тартып азап, же болбосо кубанып.

Турмуш көчү турбай жылат уланып,
Токтото албайт эчким аны кууланып.
«Тагдырым»- деп, махабаттан уу ичип,
Таарынган көп, шарабына ууланып.

-6-

Бар үмүткө үзүлбөгөн уланып,
Бирде кейип - бирде келет кубанып.
Жүздү бурбай махабаттын алдында,
Жүрөм күтүп, үмүтүмдү сугарып.

Капалансам кызыл өңүм кубарып,
«Кайрылаар»- деп, үмүт турат уланып.
Катып таңдай, тамак кургап калганда,
«Кандырат»- деп, булагынан суу алып.

Жолбун санаа, кайда алып жөнөдүң?
Жолум алыс, кандай болсо көрөйүн,
Жолукса эгер менин махабатым,
Жалындаган отко салса көнөйүн.

Бирде мени жолбун санаа көндүрүп,
Бирде сүйбөйт кайгы муңга чөктүрүп,
О жолбун ой! Таштайсыңбы талаага?
Опсуз ойдун дайрасына чөктүрүп.

Какшыган чөл, кумда калып куураган,
Кайырчымын жардам сурап кубарган.
Махабаттын булагынан бир чөйчөк,
Мага сузуп берип койчу суранам.

Эмине бул - эмине деген керемет?
Ээди мени өмүр бою жетелеп.
Бул дүйнөдө атандашы жок болсо,
Буга кандай сыйкырдуу күч теңелет?

-7-

Улгайганда убай салып сезимге,
Ууну сунуп, так түшүрдү өмүргө,
Жан кейитип, жаш куракты эстетип,
Жай алдырбай, жабыр салып көңүлгө.

Сенин күчүң шайтанды да мас кылып,
Сен жетелеп Обо энени азгырып,
Адам ата айла таппай күчүңө,
Алсыраган далай жылга жазгырып.

Сени ээрчип жан жаныбар жаңылып,
Сен бар үчүн жашоо келет жаңырып,
Тукум улап, турат жашап баарысы,
Туу тутушуп, келсе экен деп сагынып.

Жолбун санаа токтот эми ойунуңду,
Жолтоо болбо, тозбо жаркын оюмду,
Махабаттан күчтүү нерсе жок экен,
Мен багындым сунуп ага моюнду.

## Арноо жана эскерүүлөр

Жериңдин, көңүл буруу ой кырына,
Жээ эскерүү, кеңеш айтып жакыныңа,
Жакшылыгын бүрөөнүн таштап салбай,
Жетсин не, көңүлүңө алганыңа.

Жакыны көз жумса болуп капа,
Жай айтуу калганына тартып жапа,
Жасаганың азбы, көппү жардамыңды,
Жакшы иш, түшүнгөнгө эмес ката.

## Адам жөнүндө ой
(поэма)

Табигаттын зор күчүнөн жаралып,
Бул дүйнөдө эмгек жасап таралып,
Адам деген атты алышып ошолор,
Азыр жашайт милиарттап саналып.

Ошол күндөн ушул күнгө жеткиче,
Ошолордон тукум тарап эмгиче,
Адамдардын өңү түзү өзгөрүп,
Ажырады аркыл түзгө бир нече.

Өзгөрсө да өңү түсү, жумушу,
Өзгөрбөстөн калып келет бир иши,
Ичи тарлык, көрө албастык ач көздүк,
Ичтен кытып, бир-бирине күлүшү.

Ушул сапат бир-бирине кас кылып,
Ууну сун деп, мансаптуусун мас кылып.
Көп адамдар көрө албастан басмырлап,
Көбөйүүдө куу-шумдуктуу азчылык.

Өзү тапкан коргошунду ок кылып,
Өз тууганын кырып келет жок кылып.
Назары ач, алсам, жесем деп турат,
Наны кенен, курсактары ток туруп.

Бир эсепти окуп чыксам кайрылып,
Болгон согуш төрт миң беш жүз, сан жылып,
Үч милиард беш жүз миңче жан өлөт,
Үй жайынан, жакынынан айрылып.

-2-

Согуш апаат, кыштак шаарды кыйратып,
Согуш кайгы, жан бүткөндү ыйлатып.
Ошол кайгы, ошол согуш очогун,
От алдырган, көрө албастык ырбатып.

Эң каардуу Ата мекен согушта,
Эң көп өлдү ушу кыргын болушта,
Алтымыш үч миллион адам өлүп
Ашыгыраак тийди зыян оруска.

Амал менен асман сырын ачса да,
Акыл өсүп айла амалды тапса да,
Акыл оюн бура албады адамдар,
Ач көздүктөн, арам ойдон башкага.

Жерде сызып темир минип шамалдай,
Жүрөт көктө учуп, болуп жагалмай,
Аттиң чиркин ! - арыла албай келетат,
Ачкөздүктү акыл ою жеңе албай.

Алат тартып айрымдардын тапканын,
Асты ойлобойт анын жашы акканын,
Акыл менен сезсе болмок макулук,
Ата - энеси кайсы жайда жатканын

Өмүр кыска эсептелүү теспедей,
Өтөөр күндү ойго албайбыз чечмелей,
Дүйнө жыйып атак даңкты самайбыз,
Дайын чыкпай калаар күндү эстебей.

-3-

Авалкылар өрттөп күлүн сапырып,
Азыр болсо жерге келет жашырып,
Жаралгандан өлбөгөн жан калбаптыр,
Жанын катып жалаңкычтан жашырып.

Ошол элдин бир бутагы кыргыздар.
Оң, сол болуп үч миллион кыргыз бар,
Обол башта болгон экен мындан аз,
Оңолушуп өсүп келет кыргыздар.

Кыргыздар, кылдат тандап, атын таптап,
Кылымдап боз үй тигип, жылкы сактап,
Кыш чилдеде шыргалаң деп кымыз ичип
Кысыр калган бээлерди тизип байлап.

Казанынан эт кетпей казы чайнап,
Казганактап шерине жеп, тоону жайлап,
Бөлүнбөй бай-жарды деп, баары тегиз,
Барышчу экен кең жайлоого малын айдап.

Бары жокко беришип бапырашып,
Байлап күлүк, минишчү шатыратып,
Баар таап баары тегиз пейилинен,
Барын чогуу көрүшчү албай катып.

Кыргыздар, салтын кармап теңебеген,
Кылкылдатып май агызып кемегеден,
Кой союп, конокторун урмат кылып,
Коногуна ызат кылчуу ченебеген.

- 4 -

Жолоочуну чакырып жол узарткан,
Жолун тозуп түшүрүп алып аттан,
Суусун ич деп, суратпай кымыз сунуп,
Салты эле кыргызымдын келе жаткан.

Бапайтып төргө багып ата энесин,
Байкап угуп алардын кеп-кеңешин,
Төрөлгөнгө той берип, өлгөнгө аш,
Төгүп шорпо май кылып кемегесин

«Ошо кыргыз кайда?» -деп ойлоп улам,
Ой басып капаланып кейип калам,
Жайлоодо жашап атып кымыз сатып,
Жарыбай кыргыздан да кетти ыйман.

Алларып кары үйүнө ата - энесин,
Арбытып алардын да көр жемесин,
Адырандап адаммын деп жүргөндөрдү,
Айтабыз: «Бул кыргыз»- деп, эминесин.

Кыргыз болуп, кыргыздын тилин билбей,
Кыргыз кылчу салт санаанын бирин билбей,
Кыргыз туруп кыргызды тоноп атса,
Койгон оң го, аларды, кыргыз дебей.

Бир туугандар сатышса бир-бирине,
Пейли тарып аткандан кетип ыман,
«Каны оошкон калктанбы - ушулар?»,- деп,
Кыргызбыз деп айтышса күмөн кылам.

-5-

Азайып, алып, беруү, карыздашуу,
Арбыды ага-иниде араздашуу,
Абысындар киришпей бир-бирине,
Азыр калды жылаанга да акты чачуу.

Кирип чыкпайт кошуналар бир-бирине,
Кулпу салып бекитет үйлөрүнө,
Кайдандыр кара шайтан аралады
Кадимки кыргыздардын пейилине.

Бар оокатын катып койбой жашырып,
Баардык элге эшик турчу ачылып,
Даам татып, келген-кеткен үйүнөн,
Дасторкондо боорсок турчу чачылып.

Пейли кеңге берет дешип жараткан,
Берип, алып, кемибестен тамактан,
Адал жашап, акыйкатты аркалап,
Анда кыргыз алыс эле арактан.

Өзгөрбөй жери турат, колот жылга,
Өзгөрду кыргыз пейили онбеш жылда,
Өзгө туурап, шаардагы сууну саткан,
Сатыкты көр көнүгүштү эми мына.

Калк экенбиз катыра кабыл алган,
Кай заманда, чай сатчу эле кыргыз калкы?
Кары-жашка карабай кыйындыкта,
Кара мүртөз кылабы - ушу турмуш?

- 6 -

Таң калдым барып жумасына,
Товар сатты бир кыргыз кудасына.
Таарынса: «Бул кандай»- деп кайнатасы,
Тиги эмине дээр экен баласына.

Берсе болмок бекерге сатпай эле,
Берели деп суу кирбейт арасына,
Ошентип атадан да ыман кетти,
Оңдурбай, сөз тийгизип баласына.

Бар туруп башкаларга артып сугун,
Башкалардын карактап алып пулун,
Уурулука маш болгон уяты жок,
Уул чыкты кыргыздан да телпек мурун.

Катын арбып, аралап калк бийлеген,
Кыздар чыкты атага тик сүйлөгөн.
Келди заман, Калыгул олуя айткан,
Калкта калбай, окубай кат билбеген.

Калыс кылып катынды кыйын ишке,
Калды кирбей түз жашоо түшүбүзгө.
Коррупция деп какшап сөз кылабыз,
Калды ансыз, адисти да алуу ишке.

Оруска кул болдук деп опурулуп,
Обу жок жамандайбыз билип туруп,
Ачкалык, акыйкатсыз куу замандан,
Алып чыкса орустар колун сунуп.

-7-

Эмгегин Сталиндин баалабайбыз,
Эсте турат, айтканды каалабайбыз,
Анда тегиз жашаганбыз, бай жарды жок
Азыр байды мактап, кедейди жамандайбыз.

Ал кезде, кылмыш эле дүйнө жыйган,
Адамдар ажырабай абиир сыйдан,
Тапканын татынакай пайдаланып,
Турушчу туугандашып, кетпей мейман.

Турмуштан көөнү калып тойдум дешип,
Болуп жатат көрүнө жанын кыйган,
Сыйлабай келиндер да кайненени,
Сый качып, кыздардан да кетти ыйман.

Бай болсо, амал болсо, барыкташат,
Бербесең жакының да безе качат.
Өбөктөп, карыганда алдан тайып,
Өзгө эмесе, өз тууганың сени сатат.

Угушумда, илгери да байып мүлдө,
Болгон дейт ушундай шумдук күндөр,
Кара-хандын заманында жалпы байып,
Көбөйүптүр, үч-төртөн аял алган.

Жактырбай, жараткан да, ошол жерди,
Жалпысына билгизип берип белги,
Жер силкинип, зоо урап, жоо кыргындап,
«Жок кылган»- дейт, дайынсыз ошол элди.

Көрүнүүдө, байкоомдо, бир жак четтен,
Көмүлүүдө жок болуп ырктан кеткен,
Деңиз толкуп, бороон болуп, сел жүрүп,
Далай калк орун тапты акыреттен.

Бизге да, бир азыраак кабар салды,
Кээ бир жерде, жер силкинип, тоо кулады,
Бир айтканы бар экен жаараткандын,
Бирок кээси кырсыктан аман калды

Көбөйүүдө үйлөнүп, ажырашуу,
Көңүлдөшпөй зордуктап ала качуу,
Көңүлүмдү кирдетип кейитүүдө,
Көрбөйт деп, төрөтүйдө бала сатуу.

Уялбай улуктар да кулак кагып,
Улантууда эки-үчтөн аял алып,
Балалуу аялдарын басмырлашат,
Гендерлик саясатты жарыялап.

Качууда жаштар элин, жерин таштап,
Калыстык, жумуш издеп ишин маштап,
Өлкөнү өзүмчүлдүк, коррупция ээлеп алып,
Өбөктөттү, элибиздин көзүн жаштап.

Ошончонун баарына чыдап берген,
Ой тобоо! - Кудайым да кенен экен,
Айла барбы Адам өзү кудай болсо?
Эссиз башка баа берип - не дээр элең?





Акын жана уулу Мейманбек Абдылдаев



Акын үй-бүлөөсү менен алма бакта



Аскаралиев Тимур жана жубайы Айдай




Жайыл уулу Камбаралы



Абдылдаев Аскаралы жана Камбаралы уулу Абдылда





Акын күйөө баласы, Турдубек Сыдыков менен

Оо Адам! - акыл келээр акыр сага,
Оошуп болгучакты заман акыр.
Жакшылык заман келер элим күткөн,
Жок болбойт деп, үмүттү үзбө такыр.

Кетет-келет жокчулук кымбатчылык,
Калган эмес, жок болуп жашоо дымып,
Кезек менен келүүчү жакшылыкты,
Күтөлү, сабыр сактап үмүт кылып

Оо Адам! - бей үмүт шайтан деген,
Оңолоорбуз жашасак үмүт менен,
Берерин унутпаса жаратканым,
Берип койот эрте-кечпи, пейли кенен.

## Биз коногу экенбиз бул дүйнөнүн.

Адам болуп тирүүлүкө келгениң,
Адал жашап арбын болсун билгениң.
Бир азыраак жашап өтчү көп-азбы?
Биз коногу экенбиз бул дүйнөнүн.

Келет-кетет, ар кыл жан конок жайга,
Көр оокатка кызыгып издеп пайда.
Айрымдары арбын тапса, кээси таппай,
Азаптанат далайы таппай айла.

Конок болуп, акыры кетмек болсок,
Кор болуп азаптансак кандай пайда?
Арбын жыйып, ашырып койгон менен,
Алып кетпейсиң акыры тиги жайга.

Өткүчөктү таза кармап өмүрдү,
Өргө карай, көтөрөлү көңүлдү.
Өз-жат дебей, кирип чыгып чайлашып
Өңчөй конок тепсеп турсун төрүңдү.

13.05.2008 ж.
Атай айлы.



## Адамдар табийгаттан бөлөк эмес

Адамдар табийгаттан бөлөк эмес,
Ал мага дайм берип турат кеңеш.
Жашоомдун ой-чуңкуру сыяктанып,
Жатышат түздүктөр да, адыр белес.

Турса эгер дайым болуп асман ачык,
Турат көөнүм кубанып ашып ташып.
Калдайган кара булут чыккан кезде,
Калтырап карбаластап кетем шашып.

Тынчтыгы үй-бүлөөнүн ачык күндөй,
Тынч жашайсың жадырап кайгы билбей.
Киришип, келин- уулуң келишпесе,
Кейиштүү, асманда күн бүркөлгөндөй.

Жаз мезгил, жайы, күзү, кыш сыяктуу,
Жашо да айрылышат төрт куракка.
Төрөлүү, балалык, жигитчилик, орто жаш,
Анан карып барасың, кышкы убакка.

Жакшы жашоо,-жазгы күн жадыраган,
Жаманы,- кышкы суук кычыраган.
Жашоомду жайкы күнгө жеткире албай,
Жан үрөп эмгектенип далбас урам.

## Ынтымакта башкысы

Берген имиш, жасаганда жараткан,
Бек карма деп адамдардын колуна.
Ырыскынын ачкычы деп ынтымак,
Ыраактабай жүргүлө деп жолунда.

Ынтымактан ырыс качып кутулбайт,
Ырас экен илгеркилер айткан кеп.
Ыдырабай турса үйдө ынтымак,
Ырыскыны кудай берет белендеп.

Ата- бала, аял-эри урушса,
Анда үйдөн ынтымактын кеткени.
Алыстаткан, ынтымакты качырып,
Арак анын, колдоп жүргөн тепкеги.

Жакындабай туруп алса ынтымак,
Жадагалса жакындабайт кошунаң.
Жакындарың ынтымака кошулбай,
Жат болушса жаным кейип чочунам.

Байлык, бийлик,баары кетет чачылып,
Бузуп алсаң ынтымакты качырып.
Баарысынан кур каласың ажырап,
Бакыт сенден качып кетет жашынып.

## Коломто

Коломтого тезек калап айланып,
Коломтодо апам жүрчү байланып.
От калабай, коломтого нан жаппай,
Олтурганын көрчү эмесмин жайланып.

Конок күтүп, апам иштен бошобой,
Кой союлуп кам көрүлүп чайына.
Кайнап турчу коломтодо эт бышып,
Коломтодон казан түшпөй дайыма.

Коломтого толгон күлдү аларда,
Калаар эле чачпай ал деп чандатып.
«Куттуу үйдүн коломтосу ыйык»,- деп,
Койчу апам, кээ убакта май чачып.

Бирге экенин апам менен коломто,
Билбептирмин балалыктан ошондо.
Боз үйдөгү коломто жок, жагылбай,
Боз үй да жок, апам калды табылбай.

## Аял теңдиги жөнүндө

Аялдын бузуп теңдигин,
Тебелеп койдук тимеле,
Гендердик мыйзам деген сөз,
Кеп кылган сөзбү жөн эле.
Колунда турган бийликти,
Коймокчу берип ким эле.

«Кыргыз менталитети»,- деп,
Кыйладан бери жүрөт кеп.
«Катындар бала багат»,- деп,
Казанга коюп желкелеп.
Карабай жатсак ошентип,
Каякка бармак эркелеп.

Жатабы чыкпай бөлүнүп,
Жакшысы топтон иргелип.
Кургалган окшойт калганы,
Курманжан элге бир келип.
Президент болгон бирөө жок,
Билсеңер кантет иш берип.

Шайлоодо бөлүп койобуз,
Шарт түзүп бербей аларга.

Акчасы жоктон өтө албай,
Аргимден добуш аларда.
Биз дагы иттик кылабыз,
Добушту коюп базарга.

Абийирден, сыйдан ажырап,
Акчага калдык сатылып.
Аялды шайлоо деген сөз,
Калууда бекер айтылып.
Кеп кылып бирок шайлабай.
Келатабыз калтырап.

Кыздар көп кыргыз жеринде,
Кыйла көп эмгек чыгарган.
Депутат кылып шайлоодо,
Албадык тандап алардан.
Гендердик мыйзам дегениң,
Кеп окшойт бекер жаралган.

## Соң-Көлгө

Соң-Көлүм узаттың го канчаларды,
Сенде алардын айтылбаган аты калды.
Сени ойлоп, сени сүйүп кош айтышкан,
Сары кагазда Мидиндин каты калды.

Үстүңдө майда толкун шыбырашып,
Жел жүрсө жортуп жөнөйт тыбырашып.
Ашыктар айлуу түндө илебинде,
Алышып жүргөнсүшөт кубалашып.

Акмөөрдүн айтылбаган муңу калды,
Айтылбай Болоттун да сыры калды.
Аркы жээкте кумдарды карайынчы,
Алардын басып өткөн изи барбы?

Мен келдим, мен да кетем - келбейм сага,
Сени ойлоп, кабылам көп кусага.
Мага окшоп сени сүйгөн далай акын,
Менменсип жатат жердин кучагында.

Менин да сага арнаган ырым калат,
Менин да сага айтпаган сырым турат.
Түбөлүк сени менен бирге болуп,
Түк өлбөс болсом кана, атаганат!

## Балама айтар кеңешим

Атаңмын, жукса жугаар акылым,
Абайлап ук, менмин сенин жакының.
Менден эстү, менден артык туулсаң,
Менменсинбей жашай билгин акырын.

Болбосо эгер баласынын акылы,
Бордой тоз деп, боздоткону атаны.
Атасы да акмак болсо керек деп,
Артып коет атасына катаны.

Акыл насаат бербептир деп балага,
Ата байкуш түшүп калат жалаага.
Ата менен баласына баа болуп,
Акмак, жакшы сөздөр келет арага.

Эми сага бере турган кеңешим,
Эл журт, кеңеш бербептирго дебесин.
Убагы жок, оргу-баргы сөз сүйлөп,
Улуулардын угуп калба жемесин.

Сылык сүйлөп сыпаа болгун керилип,
Сынга түшпө ичкилике берилип.
Арак ичип айыл ичин чаңдатып,
Ай тетиги, кимдин уулу дегизип.

Калыс кара, кандай жумуш болсо да,
Калыстыктан кайтпа алтын берсе да.
Ичи арамга ишенбегин дос болуп,
Ичпе чайын, алба атын берсе да.

Ичкич менен жакындашып болбо дос,
Иши бүтсө, айтпай кетет кайыр кош.
Ушакчыга угузбагын сырыңды,
Узун элге жайып чыгат оозу бош.

Дос болбогун, доолашканга бергенин,
Доолап калса эки эселеп ал дегин.
Керек кезде алсаң эгер иштетип,
Кейитпестен, бер иштеген эмгегин.

Жашоо деген жай алдыргыс, бир азап,
Жанын үрөп кээ бирөөлөр жер казат.
Жер казбастан, мал бакбастан жөн эле,
Жашайм деген акылынан адашат.

Бар окатты эсеп менен асырап,
Байлыгыңды чача бербе бапырап.
Алганды да, бергенди да байкай бил,
Албай, бербей жүр дебеймин калтырап.

Дүнүйөкор сараң болбо битиреп,
Дайыны жок ачууланба титиреп.
Катуу кетип капа кылса бирөөлөр,
Кармай билип, сабыр тутсаң кечирет.

Байлык, бийлик колдун кири сыяктуу,
Байкагының жууса калбай кетерин.
Өнөр үйрөн, акыл менен айкаштыр,
Өзүң үчүн бил түбөлүк экенин.

Айкырбастан аста чыгар үнүңдү,
Ага иниңе дайым болуп күйүмдүү.
Алың барда албан ишти өзүң кыл,
Алда кимге, артып койбой жүгүңдү.

Бой көтөрүп кекирейбе башкага,
Барды жандап жокту жолго таштаба!
Бар окатың ырыс болбойт түбөлүк,
Бөлүшүп жеп, кайрымду бол ачкага.

Көтөрүмдү эгер болсоң сабырду,
Калайыка адамсың сен жагымду.
Калжаңдашып көп сүйлөбөй ар кимге,
Каада күтүп, адам болгун бир сырду.

Кенен болсун досторуң, тамагың,
Келгендерге ачык болсун кабагың.
Келип кетип мейман турса үзүлбөй,
Калың журтка, дайын болот кабарың.

Сен-мен дешип кирип чыксын кошуна,
Сиз-биз дешип, сылык болбо досуңа.
Ажырашпайт дос тууганың алыстап,
Алынбаса жаман сөздөр оозуңа.

Эми балам өз акылың өзүңдө,
Эсепке алба ката болсо сөзүмдө.
Мезгил жетсе сен да кеңеш берерсиң,
Мен сыяктуу ата болгон кезиңде.

## Соң-Көл жөнүндө ой
## (поэма)

Билсем деп келип атайы,
Бир көрүп кетип көлүмдү,
Байкадым жээкте олтуруп,
Болоттор жүргөн төрүндү,
Боз түшүп турган адырдан,
Болоттун кейипи көрүндү.

Айтайын айтчу оюмду,
Акмөөрдү бөлбөй Соң-Көлдөн,
Алгыдай ойдон кетирбей,
Айдыңын көлдүн бир көргөн.
Айдыңы сулуу бул көлдүн,
Ашкыдай сулуу Мөөрдөн.

Айкашып айлуу түн менен,
Ашыктык иши ушундай.
Акмөөрдү Болот сүйгөн жер,
Азырда турат кубулбай.
Айдыңын көлдүн айтпаптыр,
Акмөөрдү жазган Сүйүнбай.

Көркөмү көлдүн керемет,
Көрүп кет келип ышкынба.
Көл жатат сулуу суйкайып,
Көрсөң сен тоонун башында.
Көп тоолор кырка уланып,
Көрүнүп турат артында.

Күбөлүк берип келгендер,
Күлмүңдөп тиктейт тоо башын.
Кейкелүп жаткан бул көлгө,
Көп сулуу төккөн көз жашын.
Калды алар түшпөй кагазга,
Карт тарых билбей канчасын.

Кылымдап жаткан бул көлдүн,
Кыпындай сырын билбедим.
Кыйла уккан жайым бар эле,
Кыздардын көлдө сүзгөнүн.
Карылар айтып сөз кылчуу,
Качандыр Мөөрдүн түшкөнүн.

Айдыңда жүрсөм ой басып,
Ар түркүн ойдон адашып.
Ак булут чыкты бир кезде,
Айдарым көлдү чаңдатып.
Алам деп суука чалдыгып,
Аржака бастым мен шашып.

Костюмду кийип келгиче,
Көл жээгин булут имерип.
Көйкөлүп жаткан көл бети,
Көрүнбөй калды түнөрүп.
Чартылдап согуп тынымсыз,
Чагылган огун жиберип.

Ак булут бузуп ырайын,
Айланта курчап тоо башын.
Буркурап ыйлап басылбай,
Булуттар төктү көз жашын.
Костюмду чүмкөп башыма,
Калдым мен сезбей башкасын.

Булуттар ыйлап басылып,
Буулуккан муңу ачылып.
Буруксуп атыр жел жүрүп,
Буралды гүлдөр ачылып.
Буулугуп турган унчукпай,
Булбулдар сайрайт таңшанып.

Кыялдуу пейли байкалып,
Көл жатты тынбай чайкалып.
Кырккандай тегиз тулаңы,
Кымкаптай болуп жайкалып.
Күн тийди анан жаркырап,
Көрүнүп асман чаңкайып.

Шарпылдап толкун түрүлөт,
Сабада кымыз бышкандай.
Салкындап жүрсөм жээкте,
Жел жортот саамал жыттанбай.
Бош калган адыр белестер,
Болоттор жылкы кайтарбай.

Көл жээги недир көңүлсүз,
Көп сулуу жээктен көрүнбөй.
Бош жатат түздүк мелмилдеп,
Боз үйлөр катар тигилбей.
Акмөөрдүн баскан чыйыры,
Азыр жок кумда билинбей.

Жээкте ойлуу олтурсам,
Жэткире тиктеп башатты,
Жээктен Болот көрүндү,
Жетекке алып кош атты,
Жетсем деп чуркап бер жактан,
Жээктеп Акмөөр баратты.

Аларды калдым көрө албай,
Алып кетти куюн учуруп.
Айкырган катуу үн чыгып,
Аркырайт бороон кутуруп.
Алар жок калды кошулбай,
Азаптуу күнгө тутулуп.

Селт эттим чочуп оюмдан,
Сезимим кетти ойгонуп.
Сел жүргөн ошол мезгилди,
Сезбейин дедим ойлонуп.
Соң-Көлгө түшүп мээримим,
Сонуркап турдум толгонуп.

Келем деп кетсем сагынып,
Кетейин дедим камынып.
Кош дедим көлгө кол сунуп,
Кочушта сууну тамызып.
Кыйылып турдум кеталбай,
Калгансып көлгө жабышып.

Айдыңда ойноп жүрүптүр,
Акмөөрдү көрдүм Соң-көлдөн.
Арманын айтып ыйлабайт,
Азыр бүт заман өзгөргөн.
Алышып ойноп жатышат,
Ант шерти чыгып бир жерден.

Астынан тосуп Мөөрүн,
«Ауди» менен келаткан.
Айтышкан жерге барат го,
Болотту көрдүм ыраактан.
Азыркы сүйүү башкача,
Айыккан эски жараттан.

Жашынбайт алар эчкимден,
Жаштарда кенен эркиндик.
Жашашат ойноп адашпай,
«Жантайлар» калган талашпай.
Жатат көл толкуп өзүнчө,
Жылтырап уюп сымаптай.

Эңиште ойноп жүрүшөт,
Эмкинин Болот, Мөөрү.
Эрчишип көлгө сүзүшөт,
Эчкимге болбой күнөөлүү.
Эркиндик, теңдик бактысы,
Элиме болуп жүйөөлүү.

Көргөнүм ички жылытып,
Көтөрдү көңүл кушумду.
Бойтоңдоп ойноп жүрүшөт,
Болсо да жашоо жупуну.
Кубаныч кетпей элимден,
Кут кылсын кудай ушуну.

## Байбичеме

Өтүп кетсем болуп калаар керээз кеп,
Атайлап арнаптыр мага деп.
Өзгөчөлөп, өзүңө айтчуу сөз эле,
Келди мезгил, айтайынчы бир ирээт.

Эсиңе алчы өткөндү, үйдүн куту,
Эс тартты, балдар өстү, басып буту.
Элүү төрт жыл жашадык сен экөөбүз,
Эсиңдеби, илгерки айткан сөздүн куту?

Кейидиң сен: « Колдо жок»- деп, акча тыйын,
«Кантебиз?»-деп, акчасы жок жашоо кыйын!
Мен айтканмын: «Кейибегин,
студенттик турмуш бүтсө.
Келечекте көрөбүз»,- деп, анын сыйын.

Жашадык, жыйып-терип канча жылы,
Жоголгон жок бекерге бир да кылы.
Сары эсеп, сарамжалдуу колуң менен,
Сакталды ушул окат сөздүн чыны.

Мээнеткеч чарчоо билбес зирек жансың,
Мен өтүнөм кудайдан,
Сени менден кийин алсын.
Күйүп бышып кайгырба көр оокатка,
Калчуу нерсе, биз өтсөк, куруп калсын.

Боз үй, карышкыр, көрпө ичиктер,
Болду даяр колуңдан эмеректер.
Сен өтүп, бул дүйнөдөн кетсең дагы,
Сага айтылар, уз эле деп жылуу кептер.

Кайгырып, кабак чытып, какпа мени,
Кайгыртпа, жаш улгайган кезегими.
Кайнатып, кара чайды канттап берип,
Кубантып тур, карыган жүрөгүмдү.

Башканын кереги жок, баары бүтөт,
Бизди эми жалгыз кана сыйлоо күтөт.
Балдардын урматына ыразымын,
Баарынан ызат көрдүм каалом күчөп.

Керек мага сенин кана жылуу кебиң,
Кетирбейли жашоонун жылуу демин.
Кейибечи, көр окаттан алыс болчу,
Көргүм жок кабагыңдын бүркөлгөнүн.

## Кошоматчы, паракорлор жөнүндө

Кошаматчы паракорлор жөнүндө,
Капитализмдин калдыгы деп кезинде.
Катуу сындап жазган экен Мидикем,
Калды бекен окуучунун эсинде?

Күрөшүп компартия иштен айдап,
Кээбирин түзөтүүчү жайга камап,
Жойо албай, жолго түшүп кетеберди,
«Жойдум!»- деп, өзүн өзү куру алдап.

Кайра куруу, эркиндик келди анан.
Кайрадан күчкө кирди алар тамам,
Кошаматчы, паракор шылуундарды,
Колдошуп даярдоодо эмки заман.

Ат коюп, «бизнесмен»- деп, укук берип,
Ал болсо алып сатат, чоюп керип.
Айылдык бечаранын ырыскысын,
Алууда ал шылуундар жыйып терип.

Биле албайм, болот кандай мындан ары.
Бул ишти өкмөтүбүз колго алабы?
Башкача бир шарт түзүп өндүрүшкө.
Пайдасы бар өнүгүүгө иш кылабы?

## Мен өзүмчө арман кылам

Биле албайм, мен эмине мынча күйөм,
Билгеним, сүйгөндүктө окшойт күнөөм,
Болгонун жашырбастан жарыялап,
Бөлөктүн жаласына калып жүрөм.

Элдикпиз, эл үчүн деп айтып жалган,
Элимдин ырыскысын уурдап алган.
Элчилердин абиирсиз кылыктары,
Эске түшсө мен өзүмчө кылам арман.

Алар сезсе болгонун иши ката,
Ачуу сөз тийсе дагы чеклейм жапа.
Акыйкатты алмашып айбандыка,
Абирсиздер дууласа болом капа

## Колдоп койчу мендеги ойду.

Сени мен, издеп жүрүп, араң тапкам,
Сени менен элүү жыл бир шам жаккам.
Сен - апасы балдарымдын айжаркыным,
Сени менен айрылгыс менин бактым.

Үйүм көрксүз сен жокто кирип чыксам,
Үшкүрүнөм алдан кетип жумуш кылсам.
Үмүтүм үзүлгөнсүйт бул жашоодон ,
Үч-төрт күн, сени үйдөн көрбөй калсам.

Бир чечип, биргелешип үйдү, жайды,
Бирге ичтик элүү жылча сууну, чайды.
Болгон жок ойдогудай баары тегиз,
Бирде кыстап жокчулук алды шайды.

Муңайбай, жокчулукка түрүп билек,
Мындан да чыгабыз деп мени сүрөп,
Мүңкүрөп, алдан тайып турганымда,
Минтпе деп, өмүрүмө бердиң мүрөк.

Бай болдук, чачканың жок бапыратып,
Байлыка көпкөнуң жок мени сатып.
Пейлиңе ак жаркыным, ыраазымын,
Балдарыңдын рахатын көрүп жатып.

Канча болсо неберең, чоң энесиң,
Кыздарыңдын балдарына -таянесиң.
Кана эми, сага айтайын ойдогуну,
Койчу деп башың чайкап жок дебессиң.

Берсек деп ойлоп жүрөм алтын тойду,
Берекем, колдоп койчу мендеги ойду.
Башыбыз экөө эле кошулганда,
Бүгүн мына эстеп койчу, элүү болду.

## Ысык Ата курортунда

Авалы сага бөлүп көңүл нугун,
Атыңды ким койду экен - авал мурун?
Атадай мээрими ысык жер экен деп,
Атаган го аңдасам сөздүн нугун.

Кеңешип жараткандын өзү менен,
Койгондой жер экенсиң баркың кенен.
Келдим мен, сени көздөп алыс жактан,
Кетейин деп шыпа алып мүрөгүңдөн.

Оруудан азап тартып, көрүп жапа,
Өзүңдү эңсеп келдим Ысык Ата.
Оорума шыпаа болуп айыктырсаң,
Оңолуп кетсем экен болбой капа.

Улам татып дары деп мүрөгүңдөн,
Узак айтып ал кышты жүрөгүмдөн.
Маанайымы жаркытып шыпаа таптым,
Массаж кылган татына чүрөгүңдөн.

## Ысык-Атадагы врач кызга

Ээ врач кыз, мээримиңди ченебе!
Эмдүү колуң шыпаа болсун денеме.
Өзүң сайган эмдүү колдон айыгып,
Кубат кирди ооруп келген денеме.

Халатыңдай аппак экен пейилиң,
Калды орубай көтөрүлүп ийиним.
Бир жак колум сыздап ооруп жатчы эле,
Билгиздиң сен билимиңдин бийигин.

Манжаларың тийген сайын этиме,
Мен сакайып кире түштүм күчүмө
Массажчы кыз шыпа берсин жараткан,
Мааниси бар мансап кылгын ишиңе.

## Арбир адам адис болсо ишине

Турбай тынып, өтүп жатат жаш жылып,
Тагдыр менден аябады жакшылык.
Берериңди берип кет деп артыңа,
Бербей тынчтык мезгил жатат шаштырып.

Шаштырганы, катасы жок чын белем,
Шашат мезгил, күтүп жатат неберем.

Нуска болчуу асыл ойду табалбай,
Нары ойлонуп, бери ойлонуп эзилем.

Ар бир адам адис болсо ишине,
Арт жагына таалим калса кичине.
Аталардан калган мурас экен деп,
Айтып калса, иштеп калса небере.

Аттиң чиркин! Андай бакыт жолукса,
Ар бир эле жашап өткөн кишиге.
Анда адамда арман болбойт эле деп,
Ар күн сайын, кирчү болду түшүмө.

## Кудайбергенди эскерип

Күмүштү көргөн сайын кейип кетем,
Кеткенине жашай турбай Кудайберген.
Кандай асыл жан эле айыбы жок,
Кете берди Соң-Көлдө капыс жерден.

Ажалдын сага кантип барды колу,
Алып кетти аябай ошол жолу.
Аттиң чиркин! - жакшыны жөн койбогон,
Ажалдын жаман экен тилек ойу.

Курткада тамың калды салган бүтпөй,
Курутту алып кетип ажал күтпөй.
Соң-Көлгө ошол тойго барбай калсаң,
Калат белең эсен соо, күнүң бүтпөй.

Самап келип ар дайым өзүңдү ойлоп,
Сагынганым басчу элем, шахмат ойноп.
Сени менен өткөргөн ал күндөрүм,
Санаасы жок өтчү эле ойноп, тойлоп.

Жылдырып тамаша айтып, сылык сүйлөп,
Жыргатчу элең күү чертип комуз күүлөп.
Сен бар кезде үйүң абат бейиш эле,
Сенин пейлиң көңүлдү алчу бийлеп.

Аттиң арман! - айрылып калдык сенден,
Адам тура жок болуп калчуу пендең.
Айла жок эми Күмүш, кейий бербе,
Айрылган соң кайрылбайт Кудайберген.

## Куланды эскерип

Келген сайын тосчу элең кучак жайып,
Кетиптир сени азгырып ажал кайып.
Айла жок аса бата кылып келип,
Бата окуп олтурамын колду жайып.

Буркурап балдарыңдын ыйлаганын,
Бул келиште көрүп туруп кыйналамын.
Кантебиз кайыры жок ажал чиркин,
Көргөн жокмун адамды сыйлаганын.

Жан эле жакынына жанын берген,
Жалпы эле ыраазы эле сага келген.
Аттиң ай! — кеталбапсың буйтап качып,
Абиирсиз ажал сунган чеңгелинен.

Арманда таштап кеттиң Бурмайымды,
Арбагың колдоп жүрсүн балдарыңды.
Айылыңа издеп келип сени таппай,
Айтып калдым кудайга арманымды.

Кош бол Кулан! — жайлуу болсун жатканың,
Келсем жоксуң издеп сени таппадым.
Ылайым торко болуп топурагың,
Ылайыктап ээлеп ал бейиш багын.

## Үмүт жеңени эскерип

Туралбай Үмүт жеңе бизди күтүп,
Тээ жазда эле өтүптүр оо дүнөгө.
Батага келип калдык кечиксек да,
Баарыбыз тугандыкты эске тутуп.

Келгенбиз бата окуп кетелик деп,
Кечиксек да алдынан өтөлүк деп.
Кечиккенди түшүнөөр балдыздарым,
Болгондуктан ашуусу, дабаны бек.

Салияны, уул кызды ыйлатып,
Биз да ыйлап, Ырасбү үнү сыздатып.
Өкүнөбүз өткөнүнө кайгырып,
Өмөчөктөп турчу эле деп узатып.

Алладан: берген жанын дооламай,
Таппай кейип, жакындары ыйламай.
Жараткандан жалынамын суранып,
Жаннатын берсин сени кыйнабай.

Пейлиң кенен берекелүү жан элең,
Берип, алып, бирге болгон биз менен.
Бир азыраак наааразымын Тойчонго,
Болбогонго кеткичекти биз менен.

## Бактыга койгон эмес Алла ченем

Тагдырга таарынуу бар, кубануу бар,
Таарынсак, кубанганга болобуз зар.
Кубантып турган кезде, тагдыр буйруп,
Көтөрө албай салмагын кылабыз каар.

Дөөлөт келет, кетет бирок конок болуп,
Дөгүрсүйбүз келгенде колду созуп,
Дөөлөттү берген кезде: «Күтүп ал!»,- деп,
Деле маспыз, манчыркап, наадан болуп.

Көңүлдөр, кээде чөгүп көргөн түштөй,
Кээде калат создугуп бүтпөс иштей,
Аттиң ай! Адамбыз да, алдастайбыз,
Жараткандан үмүт үзүп, сабыр күтпөй.

Бактыга койгон эмес Алла ченем,
Бактыны кармоо керек түйшүк менен!
Ачкычын алып жүрөт катып алып,
Астыңда, алыс эмес, эмгек деген.

25.05.2008 ж.
Атай айлы

## Неберeме

Күл неберем, күлө койгун кагылайын,
Кетсем алыс күлкүңдү сагынайын.
Сен күлсөң сергий түшөм күчкө келип,
Сабылып турган кезде кетип шайым.

Күлкүңдөн күндүн нуру төгүлгөндөй,
Күн тийип, гүлдөр жайнап көрүнгөндөй.
Жашоомо жарык берип жаркыраттың,
Жайкы таң, жаңы атып, сөгүлгөндөй.

Кучактап сени сүйсөм кумар канып,
Кусалык тарап кетет барып-барып.
Канчалык капа болуп турсам дагы,
Калам жыргап, сен күлсөң бажырайып.

Пейлиң кенен берекелүү жан элең,
Берип, алып, бирге болгон биз менен.
Бир азыраак нааразымын Тойчонго,
Болбогонго кеткичекти биз менен.

## Бактыга койгон эмес Алла ченем

Тагдырга таарынуу бар, кубануу бар,
Таарынсак, кубанганга болобуз зар.
Кубантып турган кезде, тагдыр буйруп,
Көтөрө албай салмагын кылабыз каар.

Дөөлөт келет, кетет бирок конок болуп,
Дөгүрсүйбүз келгенде колду созуп,
Дөөлөттү берген кезде: «Күтүп ал!»,- деп,
Деле маспыз, манчыркап, наадан болуп.

Көңүлдөр, кээде чөгүп көргөн түштөй,
Кээде калат создугуп бүтпөс иштей,
Аттиң ай! Адамбыз да, алдастайбыз,
Жараткандан үмүт үзүп, сабыр күтпөй.

Бактыга койгон эмес Алла ченем,
Бактыны кармоо керек түйшүк менен!
Ачкычын алып жүрөт катып алып,
Астыңда, алыс эмес, эмгек деген.

25.05.2008 ж.
Атай айлы

## Неберeме

Күл неберем, күлө койгун кагылайын,
Кетсем алыс күлкүңдү сагынайын.
Сен күлсөң сергий түшөм кучкө келип,
Сабылып турган кезде кетип шайым.

Күлкүңдөн күндүн нуру төгүлгөндөй,
Күн тийип, гүлдөр жайнап көрүнгөндөй.
Жашоомо жарык берип жаркыраттың,
Жайкы таң, жаңы атып, сөгүлгөндөй.

Кучактап сени сүйсөм кумар канып,
Кусалык тарап кетет барып-барып.
Канчалык капа болуп турсам дагы,
Калам жыргап, сен күлсөң бажырайып.

Менчелик сүйөөр бекен атаң-апаң,
Мен кубанам сен күлсөң тарап капам.
Жаркылдап күлүп турсаң ичим ысып,
Жашаргансып күн сайын бара жатам.
09.05.2008 ж.
Атай айлы

## Балама кайрылуу

Карегим кагылайын ай данегим,
Калуучу белегимсиң өзүң менин.
Атаңдын ак пейли кирдебесин.
Аста сүйлөп, кабагыңы бүркөбөгүн!

Сенде турат агылып менин каным,
Сенники, менин жыйып, бар тапканым.
Жаңылып карылыктан кетсе ката,
Жактырбастан, башыңды чайкабагын.

Сени мен бөпөлөгөм колума алып,
Сындырба назарымды сен деп кагып.
Оң келбесе, оюңа, жасаганым,
Обдулба! — токтоно албай тура калып

Сураарым-сыпа болуп сылык сүйлөп,
Сен дебе бирөөнү да, катуу тилдеп,
Жашоонун ырахаты сыйлашууда,
Жаркып турат өмүрүң шондо гүлдөп
07.05.2008 ж.
Атай айлы

## Уулума

Көргүм келип күн эмес, минут сайын,
Көз карегим Бердибек кагылайын.
Сен дагы балалуусуң үй-жай күтүп,
Сезе элексиң! — кандайлыгын ата жайын.

Өзүңдөн алыс кетпей өткүм келет,
Өзүңдү көргөн сайын өпкүм келет.
Өнүп өсүп өзүнчө болсоң деле
Өзүмө кичинесиң сен эселек.

Калсам көрбөй күн өтүп сагынамын,
Кагылып карааныңа жалынамын,
Ата деп авалымды сурабайт деп,
Адаммын да, сага кээде таарынамын.

Таарынсам да кете албай сенден алыс.
Таарынчым жазылганча кылам намыс.
Анан кайра жазылып сага эзилем,
Чыдамымды айыптайм, болуп калыс.

15.05.2008 ж.
Атай айлы

## Апамы эстеп

Куса болуп жүргөн жерди сагынып,
Кулдук кылып кудайыма жалынып.
Алыс жактан арзып келдим атайы.
Апа сенин арбагыңа табынып.

Сен жатасың сезип койбой мемиреп
Сени эстесем эт жүрөгүм эзилет.
Сен болбосоң бул дүйнөгө жаралып
Сезимимде келбейт белем- ким билет?

Мезгил өзү турбайт тура токтолуп,
Мен көргөндүн көбү кетти жок болуп.
Табийгаттын татаал экен мыйзамы,
Таштайт экен, бүт күйгүзүп өрт болуп.

Өмүр дагы өз мезгилин бүтүрүп,
Өксүйт экен кетчү жагын күтүнүп.
Өкүнүчтө өтүп кеттиң сен дагы
Өз ишиңди жасай албай бүтүрүп.

Токол тамдар өзүң көргөн жоголуп,
Тозгондордон мору калды соройуп.
Өзүң жаткан көрүстөн да жалпайып.
Өзгөрүптүр топурагы тонолуп.

Сен суу алчуу, өзөн турат өзгөрбөй,
Сезишимде көбөйбөй да, бөксөрбөй.
Сага, апа, кечирип кой карызмын,
Сага арнап катма куран өткөрбөй

Мен апамын арбагына жамынып,
Мүрзөсүнө келип турам табынып.
Кечиреерсиң кенен эле пейилиң,
Кетсе ката сени эстебей жаңылып.

Мага дагы сага келген кез келет.
Мени дагы чүрпөлөрүм эскерет.
Так калтырды арт жагында атам деп,
Таанытышып балдарына сөз берет.

27.03.2008 ж.
Атай айлы.

## Жылдызы жакын окшойт кыздарымдын

Мен эмине мынча сүйөм кыздарымды?
Мен таарынып балдардан муздадымбы?
Жок, балдардан таарынып муздабадым.
Жылдызы жакын окшойт кыздарымдын.

Өзүмө жакын болуп Атыр, Чолпон,
Өзгөчө кетпей турат дайым ойдон.
Өзүмдү жакын көрүп урматтоосу,
Өткөнүмчө калса болду ушул бойдон.

Олтурсам оокат камдап түштөнүүгө,
Оорусам даары камдап ичкениме,
«Алың кандай ата?», - деп, үйрүлүшүп,
Ардайым аралашып иштериме.

Ирмелгенде-карашып кирпигиме,
Имерилип бар же жок кемтигиме,
Турса берип, ала берип бергенин,
Турчу болдум айлантып менчигиме.
15.02.2008 ж.
Бишкек шары.

## Мен киммин?

Кээде кейип, карманып сабыр тутпай,
Кеңешин үй-бүлөөмдүн тыңдап укпай.
Кабылып калып жүрөм кай убакта,
Каргашалуу кырсыктан башым чыкпай.

Кээде толкуйм кубанып, териме батпай,
Кетем чалкып кемпирдин сөзүн укпай,
Калмайым бар төгүлүп өзгө-жатка,
Колумда барын берип, аяп катпай.

«Кекчилсиң!»,- дейт, кеңешкен жакын-касым,
Кемчилдиктер не үчүн айтылбасын?
Кеткен ката кечкиче сакталбаса,
Кимдигиңди кайдан билсин досуң-касың?

Көрсөтүп анан кечир жаман жагын,
Көрсүн өзү ишинин кара-агын.
Көрмөксөн боло берсең көп ишине,
Көзүнө илбейт экен, досуң-касың.

Анан ойлоп өзүмдү киммин деймин?
Аныгы! Өзүмдү - өзүм түшүнбөймүн.
Адам катар өзүмдү баалап көрсөм,
Ак пейилде өткөн күнгө өкүнбөймүн.

20.03.2008 ж.,
Бишкек шары.

## Ыр окупмун

Ыр окупмун түшүнбөгөн адамга,
Ыр гана эмес баа бербеген заманга.
Ырдын баркын, сөздүн наркын билбесе,
Ыр окусаң андай жанга жаман да.

Баа бербеген бар-жогуна дүйнөнүн,
Байкуш экен ырды окуп бергеним,
Жеп ичкенден биле албаган башканы
Жетеси жок байкуштугун билбедим.

«Аш жинди»- дейт, андайларды кыргыздар
Адам иштээр, алда нече жумуш бар.
Ар нерсеге кызыгуубуз жоголуп,
Адам малча болобузбу - бейкапар?

Билбейм жакшы, баратабыз каякка?
Бирдей турмуш өтүп жатат бей оопа.
Кызыкпасак, ырга, күүгө, обонго,
Көңүл ачуу, кубануулар каякта?

Жанды үрөп, көр оокат деп алышып,
Жакындашсак ыркырашып кабышып.
Итче жашап бараткандай сеземин
Иш дей берип эс алуудан адашып.

12.06.2008 ж.
Атай айлы.

## Өмүр кышы

Өттү күндөр салтанаттуу жыргаган,
Өттү күндөр селки менен ырдаган.
Өмүр кышы кирип келип капыстан,
Өчү бардай кыйнашына таң калам.

Көз тунарып, көңүл болуп бөлүндү,
Көргүм келбейт,- жек көрөмүн өлүмдү.
Жабыркатып жан кейитип оорутпай,
«Жайынча ал»- деп, тилейм менден өмүрдү.

Аманатын алып жүрөм Алланын,
Айлап жылдап азайууда дарманым.
Жакшы жашап, жабыр көрбөй келетам,
Жайынча алса болбос эле арманым.

Алды-күчтү алсыратып колумдан,
Алаксытып айта турган оюмдан.
«Аткарылбай калабы?» - деп чочунам,
Алдымдагы талаптарым коюлган.

Бүтө элекмин, бир чоң жумуш баштагам,
Бар кемчилик,- баштараактан жазбаган.
Берейин деп белек кылып элиме,
Белди байлап, кырсыктардан сактанам.
01.06.2008 ж.,
Атай айлы.

## Калп жөнүндө

(Калк бийлеген төбөлдөр
Калпты айтат жанын жеп)

Калп адамдын ырыскысын кыят деп,
Карыялар айтышчуу эле макал кеп.
Калк бийлеген төбөлдөрдүн баарысы,
Калкты алдап калп айтышат жанын жеп.

Башкарсак дейт, башка тагып жүгөндү,
Башчыларга ишенимим түгөндү.
Билбейм кандай заман болуп баратат,
Байкашымда, башка салды күмөндү.

Пара алып, башчы алдайт, калп айтып,
Аким алдап, депутаттар жалпы айтып,
Шайлоо кезде шаар куруп берем деп,
Шайлоо өткөндө, танып кетет кашайтып.

Кыйын болду, кымбатчылык кыстады,
Кембагалдын калды жыртык ыштаны
Баа көкөлөп, баарын көккө чыгарып,
Баш көтөртпөй, такыр кыстап таштады.
21.03.2008 ж.,
Бишкек шаары.

## Поэзия

Поэзия! Сен керемет күч белең?
Кечигипмин, кеч жолуктум сиз менен.

Жолочумун сенден кайыр сураган,
Жолду улаган, өзүң салган из менен.

Жолукпай сен жалындаган куракта,
Жабыр салдың, жаш улгайган убакта.
«Атиң ай!» - деп, өкүнөмүн өткөнгө,
Албаганга, сенден өтүп сынактан.

Кеткен экен, чуркар мезгил элирип,
Келем басып, кээде тынып, демигип.
Калса экен, эл айтканга артымда,
Калкка кылган ак эмгегим билинип.

Жолбун санаа жан кейитет чыдатпай,
Жатаарсың деп, жалп деп өчкөн чырактай.
Жатпай дымып, тирүүлүктө кыймылдап,
Жазып калтыр, эмгегиңди элге жай.

Келем жашап мен кылымдан азыраак,
Көргөндөрдү көңүл кантип жашырат.
Кошо жашап, бир болгондор азайды,
Кетишти алар, күкүм болуп чачырап.

Жатат кыйнап жакындабай ойлорум,
Жаңыларды жаттай карап курутуп.
Оболкуну кетире албай оюман,
Олтурамын сени сүйүп пир тутуп.

19.05.2008 ж.
Атай айлы.

## Тоонун кышы

Айкырып аяз ыйлап, бороон боздоп,
Асманга ак кар учат борошолоп.
Алыстабай анда да тоолорунан.
Ак кар менен тоолуктар бирге болот.

Тоолуктар ошол кышка көнүп алып,
Тоосунда жашап келет малын багып.
Тоолорунда жашап өткөн аталардын,
Тоосунда өздөрү жок изи калып.

Тоодо кыш толук алты ай - ак кар басып,
Тоолуктар ошо кышты күтөт шашып.
Аркырап борошолоп бороон согуп,
Алып келет булуттарды ала качып.

Анан жаап, ак кар түшүп көз ачырбай,
Адаштырат жолуңдан түз бастырбай,
Тоолуктар кечте алып коноктту.
Токтотушат бел ашырбай,
Тоонун сырын айтышып эч жашырбай
23.04.2008 ж.,
Атай айлы.

## Тилейличи ыйман бер деп

Болсо да байлык болуп баары кенен,
Бапырап батпай турса дайым белен.
Кел-ал деп сыйлашпаса ага-тууган,
Кеткени ошол окшойт ыйман деген.

Сыйлабаса атасын бала тилдеп,
Сыйдан калса атасы сыздап зилдеп,
Баланын, кимге керек кайыры жок,
Бала берсең, тилейли ыйман бер деп.

Энесин кыз укпаса кулак салып,
Эне ыйласа кызынан көөнү калып,
Ымансыз кызды тилөө кимге керек,
Ызат-сый ынтымактан куру калып.

Аганы сыйлабаса ини сөгүп,
Ага-ини сыйлашпаса жаман көрүп,
Анда аларга жашоонун баркы канча?
Алысташса, сыйлашпай көңүл чөгүп.

Ага болсун, ини болсун кыз болсун,
Абиир сыйы, анан ыйман бар болсун.
Ажыратып койгон болсо ыймандан,
Анда аларды, бербей эле тим койсун.
21.04.2008 ж.
Бишкек шаары.

## Жаздын деми

Асман ыйлап албан жашын агызып,
Айланага жашоо берди жаагызып.
Жаздын деми жатты жанды жыргатып,
Жашоо үчүн жарык нурун тамызып.

Чак-чак этип чагылган ок жиберип,
Чаңдап асман кара булут имерип.
Караңгылык каптап жердин пардасын,
Калды айлана кадимкидей түнөрүп.

Бүл-бүл тартып күндүн көзү көрүнүп,
Бүчүр байлап кайың талдар бөлүнүп.
Жашыл кийип жалпы айлана жасанып,
Жайнады гүл, күндүн нуру төгүлүп.

Эмгек кайнап элдин багы ачылып,
Эгиндер бүт, аңыздарга чачылып.
Күздөн күтүп берекелүү түшүмдү,
Калды дыйкан кабак кашы ачылып.

Жер карарып ак халаты жыртылып,
Жердеги чөп өнүп чыкты кылтыйып.
Айыл эли апыр-тапыр тынымсыз,
Аздыр-көптүр ал жеткиче иш кылып.

## Жетсек дедик жеңиш күнгө зарыгып

Мен турмушка катаал кезде келгемин.
Мээнетим күч, арбын эле бергеним.
Катаал жылда канчалаган иш кылып,
Кабак бүркөп, канча жолу тердедим.

Тынбай иштеп тыйын албай акыма,
Тынчычуубуз курсак тойсо ашына.
Жетсек дедик жеңиш күнгө зарыгып,
Жерди казып эгин, эгип ашыга.

Таң аткандан кечке тынбай алышып,
Талып дене колдор калчуу карышып.
Келсин жеңиш кечикпестен эрте деп,
Кечке тынбай иштечү элек жарышып.

Жомокпу деп турсаң керек ишенбей,
Жок окуучум ал иш калды иштелбей.
Орок оруп, оп майда деп дан басуу,
Оюңда жок, жатсаң керек түшүнбөй.

Жашоо башка заман жаңы, өзгөрүп,
Жакшы жагын кубанасың көз көрүп.
Кененчилик келген элдин бактына,
Кетпесе экен, кырсык болуп бөксөрүп.

13.04.2008 ж.
Бишкек шаары.

## Өтөйүн шек келтирбей ыйманыма

Кээде мен өткөнүмө өкүнөмүн,
Кеңеш бер деп алладан өтүнөмүн.
Кеңешин албай коюп кээ убакта,
Кечиримсиз чоң ката кетиремин.

Кээде өзүмдү эч жанга теңебеймин,
Кээде кейип, өзүмдү өзүм жемелеймин.
Адаммын да айыбымды моюнга албай,
Айып коюп тагдырымды күнөлөймүн.

Жаткансып дүйнө тышта тебеленип,
Жан үрөйм алайын деп чебеленип.
Жалмагыдай адамың ташты дагы,
Жаратканым тыйбаса, нысап берип.

Оо жараткан нысап бер жараныңа,
Ойлонтуп, ар бир баскан кадамына.
Өкүнбөй, өткөнүмө нысап кылып,
Өтөйүн шек келтирбей ыйманыма.

12.04.2008 ж.
Бишкек шаары.

## Тилек

Жаш улгайып жакындоодо сапарым,
Жылдан жылга азайууда катарым.
Жатсам турсам жаратқандан суранып,
Жаштарыма өмүр тилеп атамын.

«Жакшы тилек-жарым ырыс»,- деген бар,
Жакшы ойду пир тутушат кыргыздар.
Жаман ойду ойлогондор турмушта,
«Жакшылыкка жетпейт!»,- деген, болуп зар.

«Узак кыл!»,- деп, Мамытымдын өмүрүн,
Улам тилейм жаратқандан көңүлүн.
Азбы? Көпбү? Аныктыгын биле албайм?
Акыр чындык, аккан суудай төгүлүүм.

Ырыс берсин, ыман берсин жараткан,
Ынтымактан, айырбасын уяттан.
Эмгекти сүй, элиңди сүй каралдым.
Эс токтолуп, жашка жеттиң боз атчан.

Жаныңды үрөп, жатпай кириш илимге,
Жатып ичеер жалкоолука илинбе.
Жалын чачкан жаш курагың барында,
Жалкоолонбой, таяп иш кыл билимге.

17.05.2008 ж.

Атай айлы.

## Атың чыкпаса жер өрттөбө

Атың чыкпаса, «жер өрттө» деп аталар,
Айтканында абыдан чоң ката бар.
Адамдарга пайда берчү иш жаса,
Анан таанып, ошондо атың аталар.

Жерди сакта токой талаа күйбөсүн,
Жерди баркта, адыр түзү гүлдөсүн,
Ааламдагы бардык жанды жер багат,
Анын баалай билүү керек дүйнөсүн.

Мезгил учкул, тура бербейт токтолуп,
Миңдеген жан келет, кетет сызылып,
Табигаттын жасаганын күйгүзүп,
Таштайт кээде жалындатып, күл кылып.

Өмүр дагы өз кезегин бүтүрүп,
Өксүйт экен өкүнүчтүү үшкүрүп.
Өкүнтпөөгө өтө турган өмүрдү,
Өтөө керек бир чоң жумуш бүтүрүп.

01.05.2008 ж.

Атай айлы.

## Кыргызымдын айымдары

Кылымдап кыргызымдын айымдары,
Кыялкеч билгич болгон экен баары.
Килемине киши билгис оюуу салган,
Керемет го башындагы калпагы.

Ак калпак кыюсу жок өңчөй агы,
Ак кары чүмкөп жаткан тоосундагы.
Аны кийген адамдар сыймыктанып,
Ага турат элестеп жаштык чагы.

Кыйуусун кара менен кайырганы,
Келетканы тоо этектеп жаздын айы.
Орто жаштан өткөнгө кийгизгени,
Оң пейилин кыргыздын билгизгени.

Төрт салаага карадан жүгүрткөнү,
Туйултат тоо кырына жаз келгенин.
Ак галстук тагынып колоттору,
Анда турат кетпеген мөңгүлөрү.

Кийип жүрөт кыргыздар калпактарын,
Кайрыгына катышып табышмагын.
Каныкей, Айчүрөк деп ардакташып,
Калпак тиккен колу уста айымдарын.

02.05.2008 ж.
Атай айлы.

## Эрдик керек жазыш үчүн жалтанбай

Чыгармага аркыл пикир айтылат,
Чынында эле, кээси болот тайкыраак.
Алгылыктуу бир эмгекти жаратпай,
Акынмын деп баспаш керек кайкалап.

Эмгек жазуу чөлдөн кудук казгандай,
Эч болбосо, чоң ашуудан ашкандай.
Эсептешпей, элде болгон турмушту,
Эрдик керек, жазыш үчүн жазганбай.

Акты ак деп, караны так көргөзүп,
Алуу керек, аны электен өткөрүп.
Андан кийин окурмандын сотуна,
Алгыла деп берүү керек өткөзүп.

Андай болбой жалган болсо жазганың,
Анда акыным жолду жаза басканың.
Аралашпай халтурага камгактай,
Акынмын деп жазганыңды таштагын.

12.05.2008 ж.
Атай айлы.

## Аселиме

Оо берекем, таттуу кызым Аселим,
Эстеп жүргүн чоң атам деп сен мени.
Неберенин таттуулугун билгендей,
Атыңды мен, «Асел!», - деп, койгон экенмин.

Бардыгынан балдын таттуу экенин,
Баалай билип, баркын дагы сеземин.
Ошондуктан Асел коюп атыңды,
Оң көзүңдөн күндө үч маал өпкөнүм.

Три караксың тынбай басып тыпылдап,
Тез жасайсың жумушту да шыпылдып.
Күнү бою уккум келет сагынып,
Күмүш үндүү күлгөнүңдү шыңкылдап.

Күлө бергин, куунак болуп ылайым,
Күлкү оюндан айрыбасын кудайым,
Куунак жашап боло көргүн бактылуу,
Күлкүңдөн мен, кубат алып турайын.

19.05.2008 ж.
Атай айлы.

## Мейманбекке элүү жаш

Кут болсун элүү жашың оо карегим!
Кулагым укканына ишенбедим.
Кечеки эле бал тилдүү балакайсың.
Карегим, аздектеген сүймөнчүгүм.

Ишенбей кулагымдын укканыма,
Илгиртпей элүү жашка чыкканыңа.
Таң калып, тамашалап атабы деп.
Тан беремин мезгилдин ыкчамына.

Атасың сүймөнчүктүү балдарыңа.
Аздектеген жарысың алганыңа.
Атаңа азыр деле кичинесиң
Алгым келет бөпөлөп колдоруma.

Өпкүм келет, аймалап, кыса тартып,
Өзүңдү, көргүм келет сугумду артып.
Элүүгө келгениңи макул көрбөй,
Эки жашты берсем дейм сага кайтып.

Берейин акбатамды колду жайып,
Болсо экен эки элүүү сага ылайык.
Жакшы бол убай көрүп балдарыңан
Жашооңдо кайгы тартпа эч муңайып.

10.01.2008 ж.,
Бишкек шаары.

## Кызым Атырбүнүн мүчөл жылына арноо

Садагам, алтын кызым бактым менин,
Сагынып самап сүйгөн секелегим.
Кут болсун кырк тогузда мүчөл жашың,
Кубанып жетине албай турган кезим.

Убай көр уул кызың узак жашап,
Улансын жүзгө жетип ушул башат.
Тургула кол кармашып бакка балкып
Турдубегиң экөөңөр бирге жашап.

Мен үчүн кечээки эле, секелексиң,
Мендеги ойдон алыс кете элексиң.
Мээримимди төгүлтүп таттуу тилиң,
Миң жалынтып далайга жетелеттиң.

Дагы эле атаң үчүн кичинесиң,
Даанасы, балдарыңа өз энесиң.
Атанын ким экенин акылга алып,
Аңдасаң эми кызым түшүнөөрсүң.

Ардайым капа кылбай көңүлүңдү,
Алла-таала узун кылсын өмүрүңдү,
Ак батамы арнаймын колду жайып,
Айрыкча сүйө берем мен өзүңдү.

05.01.2008 ж.
Бишкек шаары.

## Билбейм кандай жашайбыз дейт чүрпөлөр

Аңыздарга соко салып айдабай,
Арыгын чаап өстөнгө суу байлабай,
Билбейм кандай жашайбыз дейт чүрпөлөр,
Баратышат ойлонбостон жайма жай.

Алыш бүткөн-атам чапкан суу алып,
Аңыз жатат, айдалбастан кубарып,
Адамдардын аздап барат сезими,
Аны айдап багам деген сугарып.

Жер чайпалып, астын үстүн болбосо,
Жексен кылып бүт дүйнөнү жойбосо,
Жашоо үчүн кам көрүшүп адамдар,
Жакшы болмок, жан багууну ойлосо.

Андай ой аз, азып тозуп тентимей,
Аштык айдап аны бакпай энчилей,
Айлын таштап кеткендерге өкүнөм,
Ал барган жак бекер оокат берчүдөй.

Чүнчүп турам, кан жүгүрбөй өңүмө,
Чүрпөлөрдүн ишене албай көбүнө,
Арзыбаган акча үчүн кызыгып,
Айлын таштап, кетпей койсо эмине.

Базар иши алып-сатуу куучулук,
Басып барат бардык жакты куушуруп,
«Опурталдуу оомал токмол дүйнө»,- деп,
Ойго батып, кейип калам тумчугуп.

11.02.2008 ж.
Бишкек шаары.

## Тогуз тором

Куралган тогуз тоодон Тогуз -Тором,
Кубанып толкунданам сени ойлосом.
Кусаланам кумарланып сенден кетсем,
Кетпей жүрсөм тоомдон бийик болом.

Сенден алам ырларымдын ыргактарын,
Сенде жүрсөм ташкындайт кумарлануум.
Сен бар үчүн мен кубанам ыйык жерим,
Сени менен бирге экен менин жаным.

Эң бийик зоолорундай кийик өтпөс,
Элиң бар жокко чүнчүп, барга көппөс.
Арзып келген айлыңа адам болсо,
Эзелтеден ал кайрылып кайра кетпес.

Анткени кышың жылуу, жайың салкын,
Абааң таза, тоолоруңан чыгып алтын.
Авалтадан ата бабам жердеп келген
Асырап сен баккансың саяк калкын.

Сени жердеп, мекен деп эрте кечи,
Сенде калды алардын чебереси.
Ата-бабам жердеген асыл жердин,
Арта берсин ай жылдап берекеси.

13.04.2008 ж.
Атай айлы.

## Кан - Ачууда

Олтурам ойго батып Каначууда,
Ой басат, куш сайраган ызычууда.
Көркүнө көзүм тойбой ушул жердин
Кайырсыз өмүр өтүп баратуууда.

Ак кайыңдан үнүн баспайт булбул таңшып,
Аскадан улар сайрап, бүркүт шаңшып.
Армансыз болоор эле бүт өмүрүм
Аттиң ай! - жүз жаш дагы кылып аздык.

Майпаңдап аюу жүрөт ышкын терип,
Маңдайдан кийик чубап оттойт элик.
Аркайган ак булуттар чогулушат.
Айды да тоо башына айдап келип

Буулугуп булут ыйлап бир убакта,
Бүткүл жан, жашынышат кирип ыкка.
Чарт жарылып чагылган чакмак ойноп
Чачырайт жарык түшүп, чар тарапка.

Олтурам ойго батып Каначууда,
Ой басат куш сайраган ызы-чууда.
Көркүнө көзүм тойбой Канначауунун
Кайырсыз өмүр өтүп баратуууда.

25.04.2008 ж.

## Небереме осуят

О неберем - чоң атаңмын мен сенин,
Оюңа алсаң осуятымды беремин.
Омол-төкмөл, оң-солу көп дүйнөнүн,
Оопасызын билсең экен дегеним

Тагдыр деген таразанын ташындай
Турат жылып өйдө - ылдый бир тынбай
Бирде келсе, бирде кетип чачылып
Бүт өмүрдө ойноп келет жашынмай

Оомат келсе ага дагы көппөгүн
Келген нерсе кетерин да эстегин.
Эгер кетсе кармай албай калдым деп,
Капалыктын дайрасына чөкпөгүн.

Үзүл - кесил кетсе деген дүнүйө,
Үмүт үзбөй жашоо керек күнүгө.
Үстү-үстүнө байлык жыйган ачкөз да,
Үзүр көрүп жеткен эмес түбүнө.

## Карылыгым алмак болду демимди

Шаардамын, көп күн болду келгеним
Шашып атам, кетким келип көнбөдүм
Эртели кеч жайытымда мал кайрып
Эрмек эле малды тозуп жүргөнүм

Тышта ызгар, аяз улуп ышкырып
Тынбай жаным көнгөндөнбү иш кылып
Байсал таппай балдарымдын үйүнөн
Баскым келет жата бербей ышкынып

Кайда басам? Бассам кетем адашып,
Кеткен мезгил келчу жерге түз басып.
Бекерчимин үйдө жатам бош эле
Неберемден телевизор талашып

Катарым жок кандыргыдай черимди
Калдым айтпай жана адамга кебимди
Кара мүртөз макоо кылып сүйлөтпөй
Карылыгым алмак болду демимди

## Мээнетти сүйө билгин жакшыраак

Мээнет жалпак кетпейт дешет жабышып
Мээнет басса өтөсүң деп алышып
Мээнетти мен такыр андай ойлобойм
Мээнет менен келе жатам табышып

Мен мээнетти сүйүп келем асырап
Мээнет болсо дөөлөт келип баш урат
Сөөлөт күтүп, болгуң келсе дөөлөттүү
Сен мээнетти сүйө билгин жакшыраак

Мээнети жок тапкан дүйнөң чачыктай
Мезгил келсе кургап калып чаң чыгат
Чаңы булгап жан дүйнөңдү кейитип
Чаң булгаган көздөн агып кан чыгат

Мен билгени мээнеттин түрү бар
Менин оюм, алган жакшы билип топ
Өнөр билбей өзгөлөрдөн кем болуп
Өткөн жаман айбандарча ичип жеп

## Жаңы жылда

Уул кызым келиндерим чогулуп
Урматташты жаңы жылда келишип
Жакшы ойдо тост көтөрүп атышты
Жүзгө чык деп каалоолорун айтышып

Азаматтын Атырымдын белеги
Алдым кийип алкоо айтып бергенин
Көкөлөдү көккө эргип көңүлүм
Көрсө өзүм, алар менен жердемин

Кунак болуп балдарымдын көңүлү
Кылым чапчып узун болсун өмүрү
Бири кирип бири чыгып тынымсыз
Бүт неберем тепсеп турсун төрүмдү

Жаңы жылда боло берсин жакшылык
Жатат менден улам алыс жаш жылып
Жыл келээрде балдарымдан көргөн сый
Жан жыргатып койгонсуду мас кылып

## Кыргыз салты

Кыргызымдын кыйла сонун салты бар,
Кылымдарга урпагына калтыраар,
Бешик жана тушоо кесүү тоюнда,
Берекелүү пейилинин наркы бар.

Кой союлуп, ат коюлуп балага,
Калк жыйылып эсен бол деп садага,
Бата берип узак жашап балабыз,
Болсун дешип өбөк болуп эне -атага.

Бешик тойдун берекелүү аземи,
Бешик жасап тайэнесинин келгени,
Беш чүкөнү бешигине такканы,
Балам байып малдуу болсун дегени.

Чачылага момпосуйду кошкону,
Жашоосунда татту болсун жегени,
Оллогуна оңду солду нан төгүп,
Элде эгин артык болсун дегени.

Бала бөлөп байбичелер бешикке,
Болушуп карк чачыла кешикке
Бата берип бакт каалап балага
Байбичелер анан чыгат эшикке

# Мазмуну


Башкы сөз....................................................4

1. Биринчи бөлүм....................................................5
2. Сүйүү жөнүндө ырлар жана поэмалар........................................,.........5
3. Эртеңким кеч болот деп ашыгамын....................................................5
4. Сүйүү....................................................5
5. Өзүң басчу жолго сал....................................................6
6. Өткөндү эскерүү....................................................6
7. Издеп жүрөм....................................................7
8. Сырдашсам дейм кезигип....................................................7
9. Бир карачы мени жаркыным ....................................................8
10. Бакта жүрөм....................................................8
11. Жолуксам дейм ашыгып....................................................9
12. Жалганбы мени сүйгөнүң?....................................................9
13. Кучүң жетсе кечиргин....................................................10
14. Кечир дагы....................................................10
15. Ажырашуу керек болсо өзүң чеч....................................................11
16. Сүйүү калпбы....................................................11
17. Көздөр айта....................................................12
18. Өкүнүч....................................................12
19. Эстеп жүрөм....................................................12
20. Аргасыздын амалы....................................................13
21. Кайрылаарсың кайрадан....................................................13
22. Аял заты....................................................14
23. Күтпөйм эми....................................................15
24. Ойго салат турбаганы жаштыгым....................................................15
25. Арзуубуз болсун жашыруун....................................................16
26. Сендей таш боор кылып жасабаган....................................................16
27. Барпыгүл  жөнүндө баян (поэма)....................................................17
28. Махабат баяны (поэма)....................................................26

29. Экинчи бөлүм....................................................31
30. Арноо жана эскерүүлөр....................................................31
31. Адам жөнүндө ой (поэма)....................................................31
32. Биз коногу экенбиз бул дүйнөнүн....................................................41
33. Адамдар табийгаттан бөлөк эмес....................................................41
34. Ынтымакта башкысы....................................................42
35. Коломто....................................................43
36. Аял теңдиги жөнүндө....................................................43
37. Соң-Көлгө ....................................................44
38. Балама айтар кеңешим....................................................45
39. Соң-Көл жөнүндө ой (поэма)....................................................47
40. Байбичеме....................................................50
41. Кошоматчы, паракорлор жөнүндө....................................................51
42. Мен өзүмчө арман кылам....................................................51
43. Колдоп койчу мендеги ойду....................................................52
44. Ысык Ата курортунда....................................................53
45. Ысык-Атадагы врач кызга....................................................53
46. Арбир адам адис болсо ишине....................................................53
47. Кудайбергенди эскери....................................................54
48. Куланды эскерип....................................................55
49. Үмүт жеңени эскерип....................................................55
50. Бактыга койгон эмес Алла ченем....................................................56

51. Неберем……56
52. Балама кайрылуу……57
53. Уулума……57
54. Апамы эстеп……58
55. Жылдызы жакын окшойт кыздарымдын……59
56. Мен киммин?……59
57. Ыр окупмун……60
58. Өмүр кышы……60
59. Калп жөнүндө (Калк бийлеген төбөлдөр Калпты айтат жанын жеп)……61
60. Поэзия……61
61. Тоонун кышы……62
62. Тилейличи ыйман бер деп……63
63. Жаздын деми……63
64. Жетсек дедик жеңиш күнгө зарыгып……64
65. Өтөйүн шек келтирбей ыйманыма……65
66. Тилек……65
67. Атың чыкпаса жер өрттөбө……66
68. Кыргызымдын айымдары……66
69. Эрдик керек жазыш үчүн жалтанбай……67
70. Аселиме……67
71. Мейманбекке элүү жаш ( куттуктоо)……68
72. Кызым Атырбүнүн мүчөл жылына арноо……69
73. Билбейм кандай жашайбыз дейт чүрпөлөр……69
74. Тогуз тором……70
75. Кан — Ачууда……71
76. Небереме осуят……71
77. Карылыгым алмак болду демимди……72
78. Мээнетти сүйө билгин жакшыраак……72
79. Жаңы жылда……72
80. Кыргыз салты……73

Редактор Абдыраева Ө.К.

Корректор Абдыраева С.А.

Подписано в печать 22.10.2004
Формат 60х 84 1/16. Объем 4,25 уч.-изд. л.
Бумага офсетная. Печать офсетная
Тираж 200 экз. Заказ 916

720023, Бишкек, ул. Малдыбаева, 34, б
Кыргызский государственный университет
строительства, транспорта и архитектуры
Учебно-издательский центр
ИИЦ КГУСТА

Редактор Абдыраев *С.К.*

*Корректор* Абдыраев *С.К*

Подписано в печать 22.10.2008
Формат 60х 84 1/16. Объем 0,25 уч.-изд. л., 3 п.л.
Бумага офсетная. Печать офсетная.
Тираж 200 экз. Заказ 936

720023, Бишкек, ул, Малдыбаева, 34, б
Кыргызский государственный университет
строительства, транспорта и архитектуры
Учебно-издательский центр «Авангард»
ИНИТ КГУСТА